# КЫРГЫЗ ССРинин НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ КОДЕКСИ

# КОДЕКС О БРАКЕ И СЕМЬЕ КИРГИЗСКОЙ ССР

# КЫРГЫЗ ССРинин НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ КОДЕКСИ

# КОДЕКС О БРАКЕ И СЕМЬЕ КИРГИЗСКОЙ ССР

558350

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1983

67. 99(2)4
К 97

**Кыргыз** ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү
**К 97** кодекси. — Ф.: Кыргызстан, 1983. — 184 бет.

34 С45
ББК 67. 99(2)4

К $\frac{1203060000-271}{М 451 (17)-83}$

КОДЕКС О БРАКЕ И СЕМЬЕ
КИРГИЗСКОЙ ССР

(на киргизском и русском языках)

Спецредакторлор: *С. Ахмедова, К. Эсенканов*
Басманын редакторлору *Г. Абдылдабекова, Ф. Закирова*
Көрком ред. *Б. Каракеев*
Техн. ред. *Ж. Сооронкулова*
Корректорлор: *А. Кожомбердиева, Е. Лисенкова*

Терүүгө 12. 07. 1983-ж. берилди. Басууга 9. 11. 1983-ж. кол коюлду. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий арип, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108$^{1}/_{32}$. 5,75 физ. басма табак, 9,66 шарттуу басма табак, 10.265 учеттук табак, 9,765 боёк түшүрүү. Тиражы 10.000. Заказ № 287. Баасы 40 т. Заказ боюнча.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

538350

Центральная научная
БИБЛИОТЕКА
Академии наук Кирг. ССР

*Бардык элдердин пролетарлары, бириккиле!*

# КЫРГЫЗ ССРинин НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ КОДЕКСИ

# КЫРГЫЗ ССРинин НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ КОДЕКСИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУ КЫРГЫЗ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЗАКОНУ

Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Жогорку Совети токтом кылат:

1-статья. Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодекси бекитилсин жана ал 1980-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө кирсин.

2-статья. «Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү ССР Союзунун жана союздук республикалардын законодорунун Негиздерин бекитүү тууралу» Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун 1968-жыл 27-июндагы Законуна ылайык төмөндөгүлөр белгиленсин:

а) энеси никеде турбаган адамды баланын атасы деп сот тартибинде таануу тууралуу Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексинин 65-статьясында каралган эреже Негиздер күчүнө киргизилгенден кийин, башкача айтканда, 1968-жылдын 1-октябрынан тартып туулган балдарга карата колдонулат;

б) өз ара никеде турбаган адамлардан 1968-жылдын 1-октябрына чейин төрөлгөн балдарга карата, атасы ким экендиги баланын энесинин жана өзүн баланын атасымын деп мойнуна алган адамдын биргелешип берген арызы боюнча Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексинин 64-статьясында белгиленген тартипте аныкталышы мүмкүн. Багуусунда бала болгон адам өлгөн учурда жана ал баланын атасымын деп мойнуна алган болсо, анын аталыгын таануу фактысы сот тартибинде аныкталышы мүмкүн. Ата-эненин биргелешип берген арызынын же аталыкты таануу жөнүндөгү фактыны аныктоо жөнүндөгү соттун чечиминин негизинде граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында баланын туулгандыгы жөнүндөгү атасы тууралу жазууну киргизүү менен тиешелүү каттоо жүргүзүлөт.

Жашка жеткен адамдарга карата атасы ким экендигин аныктоо алардын макулдугу менен гана жол берилет;

в) ушул статьянын «б» пунктунда каралган тартипте

баланын атасы ким экендиги аныкталган кезде, ал балдар ата-энесине жана алардын туугандарына карата, өз ара никеде турган адамдардан төрөлгөн балдар сыяктуу эле ошол укуктарга жана милдеттерге ээ болушат;

г) өз ара никеде турбаган адамдардан 1968-жылдын 1-октябрына чейин төрөлгөн баланын атасы жөнүндө жазуу туулгандыгы жөнүндө каттоо китегасына жана баланын туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүккө анын энесинин опекундун (попечителдин), ошондой эле бой жеткенден кийин баланын өзүнүн арызы боюнча Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексинин 70-статьясында каралган тартипте киргизилет;

д) никеде турбаган энелердин төрөгөн баласын багуу жана тарбиялоо үчүн алардын Закондо белгиленген мамлекеттик пособие алуу укугу, ошондой эле Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексинин 64 жана 65-статьяларында каралган тартипте баланын атасы ким экендиги аныкталбаган болсо, баланы мамлекеттин эсебинен толук түрдө багуу жана тарбиялоо үчүн балдар мекемелерине жайгаштыруу укугу сакталат.

3-статья. Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексин күчүнө киргизүүнүн тартибин белгилөө жана Кыргыз ССРинин Закондорун Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексине ылайык келтирүү жагы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумуна тапшырылсын.

**Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели**

**Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Секретары**

*Фрунзе шаары, 26-декабрь 1969-жыл № 810 — VII*

# КЫРГЫЗ ССРинин НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ КОДЕКСИ

Граждандардын коомдук жана өздүк талаптары гармониялык түрдө айкалышкан советтик үй-бүлө жөнүндөгү камкордук Совет мамлекетинин эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Советтер Союзунун составына башка союздук республикалар менен ыктыярдуу биригүүнүн жана тең укуктуулуктун негизинде кирген Кыргыз Советтик Социалистик Республикасында үй-бүлөнүн чыңдалышы жана гүлдөшү үчүн эң ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Граждандардын материалдык жыргалчылыгы тынымсыз өсүп, үй-бүлөнүн турмушунун турак жай-тиричилик жана маданий шарттары жакшырууда. Социалистик коом энелик таламды коргоого жана кубаттоого, бактылуу балалыкты камсыз кылууга зор көңүл бурат.

Өсүп келе жаткан жаш муундарга коммунистик тарбия берүү, алардын ден соолугун жана духовный күчтөрүн өстүрүү үй-бүлөнүн эң маанилүү милдети болуп саналат. Мамлекет менен коом балдарды тарбиялоодо үй-бүлөгө ар тараптан жардам берип турат, балдар бакчаларынын, яслилердин, мектеп-интернаттардын жана балдар үчүн башка мекемелердин тармагы кеңири жайылтылып жатат.

Советтик аялга бактылуу энелик өндүрүштүк жана коомдук-саясий турмушка улам барган сайын активдүү жана чыгармачылык түрдө катышуу менен айкалыштырууга зарыл болгон социалдык турмуш шарттары камсыз кылынган

Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү советтик закон үй-бүлө мамилелерин материалдык пайда көздөөдөн биротоло тазалоого, үй тиричилигинде аялдын теңсиздик абалынын калдыктарын жоюуга жана адамдардын эң терең сезимдери толук канааттандырыла турган коммунистик үй-бүлөнү түзүүгө активдүү көмөктөшүүгө чакырылган

# I БӨЛҮМ

# ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1-ГЛАВА

## НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

**1-статья. Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексинин милдеттери**

Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексинин милдеттери төмөндөгүлөр:

коммунисттик моралдын принциптерине негизделген советтик үй-бүлөнү мындан ары чыңдоо;

үй-бүлөлүк мамилелерди аял менен эркектин ыктыярдуу никелешүү союзуна, материалдык пайда көрүү жагын көздөбөй, бири-биринин сүйүүнүн, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн ынтымактуулугунун жана урматтоосунун сезимдерине негиздеп түзүү;

үй-бүлө балдарды Родинага берилгендиктин, эмгекке коммунисттик мамиле кылуунун духунда коомдук тарбия менен ажыралгыс бирдикте айкалыштырып тарбиялоо жана балдарды коммунисттик коомду курууга активдүү катыштырууга даярдоо;

эненин жана балдардын таламдарын бардык чаралар менен коргоо жана ар бир балага бактылуу балалыкты камсыз кылуу;

үй-бүлө мамилелеринде эскинин зыяндуу калдыктарын жана үрп-адаттарын биротоло жоюу;

үй-бүлөнүн алдында жоопкерчилик сезимин тарбиялоо.

**2-статья. Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодекси тарабынан жөнгө салынуучу мамилелер**

Ушул кодекс Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү ССР Союзунун жана союздук республикалардын закондорунун Негиздерине ылайык никелешүүнүн тартибин жана шарттарын белгилейт, үй-бүлөдө эрди-катындын ортосунда, ата-эне менен балдардын ортосунда, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн ортосунда келип чыгуучу өздүк жана мүлктүк мамилелерди, бала асырап алууга, опекага алууга жана



попечителдик кылууга, балдарды тарбиялоого алууга байланыштуу келип чыгуучу мамилелерди, никеден ажыратуунун тартибин жана шарттарын, граждандык абалдын актыларын каттоонун тартибин жөнгө салат.

**3-статья. Үй-бүлөлүк мамилелерде аялдын жана эркектин тең укуктуулугу**

Кыргыз ССРинде аялдын жана эркектин СССР Конституциясы жана Кыргыз ССР Конституциясы тарабынан бекемделген тең укуктуулугуна ылайык алар үй-бүлөлүк мамилелерде бирдей өздүк жана мүлктүк укукка ээ.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**4-статья. Граждандардын үй-бүлөлүк мамилелерде тең укуктуулугу**

Бардык граждандар үй-бүлөлүк мамилелерде тең укуктуу.

Никелешкенде жана үй-бүлөлүк мамилелерде тегине, социалдык жана мүлк абалына, расасына жана улутуна, жынысына, билимине, тилине, динге мамилесине, ээлеген түрүнө жана мүнөзүнө, жашаган жерине жана башка жагдайларга жараша укуктарды тике же кыйыр түрдө кандайдыр бир чектөөгө, тике же кыйыр түрдө артыкчылыктар белгилөөгө эч кандай жол берилбейт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**5-статья. Мамлекет тарабынан үй-бүлөнү коргоо. Энеликти коргоо жана кубаттоо**

СССР Конституциясы жана Кыргыз ССР Конституциясына ылайык Кыргыз ССРинде үй-бүлө мамлекеттин коргоосунда турат.

Мамлекет төрөт үйлөрүнүн, балдар яслилеринин жана бакчаларынын, мектеп-интернаттарынын жана балдар үчүн башка мекемелердин кеңири тармагын түзүү жана өнүктүрүү, турмуш-тиричилик кызматын жана коомдук тамак-ашты уюштуруу жана өркүндөтүү, бала төрөлүшүнө байланыштуу пособиелерди төлөө, жалгыз бой энелерге жана көп балалуу үй-бүлөлөргө пособиелерди жана жеңилдиктерди берүү, ошондой эле үй-бүлөгө пособиелерди жана жардамдардын башка түрлөрүн берүү жолу менен үй-бүлө жөнүндө камкордук көрсөтөт.

Кыргыз ССРинде энелик бүткүл элдик ардакка жана урматка бөлөнгөн, ал мамлекет тарабынан корголот жана кубатталат. Эненин жана баланын таламдарын коргоо

аялдардын эмгегин жана саламаттыгын коргоо боюнча атайын чаралар менен, аялдарга эмгекти энелик милдет менен айкалыштырууга мүмкүндүк берүүчү шарттарды түзүү менен энени жана баланы укук жагынан коргоо, материалдык жана моралдык колдоо, анын ичинде аялдарга төрөгөнгө чейин жана төрөгөндөн кийин айлыгын сактоо менен отпускалар берүү жана боюнда бар аялдарга жана энелерге башка жеңилдиктерди берүү менен камсыз кылынат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

6-статья. **Нике жана үй-бүлө мамилелеринин укук жагынан мамлекет тарабынан жөнгө салынышы**

Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү ССР Союзунун жана союздук республикалардын законорунун Негиздерине ылайык Кыргыз ССРинде нике жана үй-бүлө мамилелерин укук жагынан мамлекет гана жөнгө салуунун иш жүзүнө ашырат.

Граждандык абалдын актыларын жазуучу мамлекеттик органдарда түзүлгөн никелешүү гана закондуу деп табылат. Никелешүүнүн диний ырым-жырымдары ошондой эле башка диний ырым-жырымдар да укуктук мааниге ээ боло албайт.

Бул эреже граждандык абалдын актыларын жазуучу советтик органдардын түзүлүшүнө же калыбына келтирилишине чейин жасалган диний ырым-жырымдарга жана аларды күбөлөндүрүү ирегинде туулгандык, никелешкендик, никеден ажырашкандык жана өлгөндүк жөнүндө алынган документтерге тиешелүү эмес.

## 2-ГЛАВА

## НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ ЗАКОН

7-статья. **Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закон**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закон жогоруда аталган Негиздерден жана аларга ылайык чыгарылуучу ССР Союзунун башка закон актыларынан, ушул Кодекстен жана Кыргыз ССРинин башка закон актыларынан турат.

Ушул Кодекс жана Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү башка закондору Негиздер жана ССР Союзунун башка нормативдик актылары тарабынан союздук республикалардын карамагына берилген маселелерди, ошондой эле нике жана үй-бүлө мамилелеринин жогоруда көрсөтүлгөн закондордо түздөн-түз каралбаган маселелерин чечет.

8-статья. **Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү законду Кыргыз ССРинде колдонуу**

Кыргыз ССРинде никелешүү, эрди-катындын ортосундагы, ата-эне менен балдардын ортосундагы мамилелер, бала асырап алуу, аталыкты аныктоо, алимент өндүрүү, опека жана попечителдик кылуу, никеден ажырашуу, граждандык абалдын актыларын каттоо Кыргыз ССРинин закондору тарабынан жөнгө салынат.

Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү ССР Союзунун жана союздук республикалардын закондорунун Негиздерине ылайык никенин, бала асырап алуунун, опека жана попечителдик кылуунун белгилөөнүн, балдарды тарбиялоого алуунун аныктыгы жана граждандык абалдын актыларынын аныктыгы кайсы территорияда никелешүү түзүлсө, бала асырап алынса, опека жана попечителдик кылуу белгиленсе, балдар тарбиялоого алынса же граждандык абалдын актысы катталса, ошол союздук республиканын закондору менен белгиленет.

## 3-ГЛАВА

## ДООНУН ЭСКИРИШИ ЖАНА МӨӨНӨТТӨРДҮ ЭСЕПТӨӨ

9-статья. **Доонун эскириши**

Бузулган укукту коргоо үчүн ССР Союзунун закондору жана ушул Кодекс менен мөөнөт белгиленген учурлардан тышкары никелик жана үй-бүлөлүк мамилелерден келип чыгуучу талаптарга доонун эскириши колдонулбайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында)

10-статья. **Доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүшүнүн башталышы**

Доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүшүнүн башталышы ушул Кодекстин тиешелүү статьясында көрсөтүлгөн убактан тартып башталат. Ал эми бул убакыт көрсөтүлбөгөн болсо, анда ошол адам өзүнүн укугунун бузулгандыгы жөнүндө билгөн же билүүгө тийиш болгон күндөн тартып башталат.

**11-статья. Доонун эскиришин колдонуу тартиби**

Доонун эскиришин белгилөөчү нормаларды колдонгон кезде сот, эгерде закон тарабынан башкача белгиленбеген болсо, граждандык закондорду жетекчиликке алат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**12-статья. Мөөнөттөрдү эсептөө**

Ушул Кодекс тарабынан белгиленген мөөнөттөрдү эсептеген кезде Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 5-главасында каралган эрежелер колдонулат.

## II БӨЛҮМ

## Нике

### 4-ГЛАВА

### НИКЕЛЕШҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

**13-статья. Никелешүү**

Никелешүү граждандык абалдын актыларын жазуучу мамлекеттик органдарда түзүлөт.

**14-статья. Никелешүүнү каттоонун укуктук мааниси**

Никелешүүнү каттоо мамлекеттик жана коомдук таламды көздөп, ошондой эле эрди-катындын жана балдардын өздүк жана мүлктүк укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо максатында жүргүзүлөт.

Эрди-катындын укуктары жана милдеттери граждандык абалдын актыларын жазуучу мамлекеттик органдарда түзүлгөн никелешүүдөн гана келип чыгат.

**15-статья. Никелешүүнүн тартиби**

Никени каттоо никелешүүнү каалагандар граждандык абалдын актыларын жазуучу мамлекеттик органга арыз бериш кенден бир ай өткөндөн кийин жүргүзүлөт.

Жүйөлүү себептер болсо, эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин граждандык абалдын актыларын жазуу бөлүмүнүн (бюросунун) башчысы, ал эми поселкаларда жана калк жашаган айылдык жерлерде — эл депутаттарынын поселкалык, айылдык Советинин аткаруу комитетинин председатели тарабынан бир айлык мөөнөт кыскартылышы же узартылышы мүмкүн. Бирок мөөнөттү үч айдан ашык узартууга болбойт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).



**16-статья. Никелешүүнүн салтанаттуулугу**

Никелешүү салтанаттуу түрдө жүргүзүлөт. Никелешип жаткан адамдардын макулдугу менен граждандык абалдын актыларын жазуучу органдар никени каттоонун салтанаттуу кырдаалда өткөрүлүшүн камсыз кылышат.

**17-статья. Никелешүүнүн шарттары**

Никелешүү үчүн никелешип жаткан адамдардын өз ара макулдугу жана алардын нике жашына жетиши зарыл.

**18-статья. Нике жашы**

Нике жашы он сегиз жаш деп белгиленет.

Эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советтеринин аткаруу комитеттери өзгөчө учурларда никелешүүнү каалаган адамдардын айрым өтүнүчтөрү боюнча аял үчүн бир жашты төмөндөтүшү мүмкүн.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**19-статья. Никелешүүгө жол бербөөчү тоскоолдуктар**

Никелешүүгө төмөндөгүдөй учурларда жол берилбейт:

экөөнүн бирөө эле башка адам менен никеде турган болсо;

бир атадан, бир энеден тараган туугандардын, бир ата же энеден туулган, атасы же энеси бөлөк бир туугандардын, ошондой эле асыранды балдар менен аларды асырап алгандардын ортосунда;

экөөнүн бирөө эле жин оорулуу же кем акыл болгондугуна байланыштуу сот тарабынан аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табылса.

### 5-ГЛАВА

### ЭРДИ-КАТЫНДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**20-статья. Эрди-катындын укуктарынын жана өз ара милдеттеринин башталыш мезгили**

Эрди-катындын укуктары жана милдеттери граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында нике катталган убактан тартып келип чыгат.

**21-статья. Никелешкен кезде эрди-катындын фамилияны тандап алуу укугу**

Никелешкен кезде эрди-катын өз ыктыяры боюнча жалпы фамилиясы катарында эрди-катындын биринин фамилиясын тандап алат; же алардын ар бири никелешүүгө чейинки өз фамилиясын сактап калат.

**22-статья. Эрди-катындын өздүк укуктары жана милдеттери**

Эрди-катын үй-бүлөдө тең укуктуу жана бирдей милдеттүү болушат.

Балдарды тарбиялоо жана үй-бүлөнүн турмушунун башка маселелерин эрди-катын өз ара макулдашып бирге чечишет.

Эрди-катындын ар бири өздүк жана коомдук таламдарда өзүнүн жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга жана өнүктүрүүгө мүмкүндүк алыш үчүн алар бири-бири жөнүндө камкордук көрүүлөрү тийиш.

Эрди-катындын ар кимиси ишти, кесипти жана турак жайын эркин тандап алууга укуктуу.

**23-статья. Эрди-катындын ортосундагы жалпы менчик**

Никелешкенден кийин эрди-катын жыйнаган мүлк алардын ортосундагы жалпы менчик болуп саналат. Бул мүлккө ээ болууга, пайдаланууга жана аны башкарууга эрди-катын тең укуктуу.

Эрди-катындын бири үй чарбасын алып баруу, балдарды багуу менен же жүйөлүү башка себептер боюнча колу бошобой, өз алдынча эмгек акы иштеп таппаган учурда да алар ортосундагы мүлккө тең укуктуу.

**24-статья. Эрди-катындын ортодогу жалпы мүлктү башкаруусу**

Эрди-катындын бири бүтүм түзсө, ал эрди-катындын экинчисинин макулдугу менен иштелип жаткан болуп түшүнүлөт. Бирок эрди-катындын ортодогу жалпы менчиги болуп саналган үйдү же автомашинаны менчиктөөдөн ажыратууга же алып коюуга байланыштуу бүтүмдү түзүү үчүн экинчисинин ал бүтүмдү түзүүгө макулдугу жазуу түрүндө билдирилүүгө тийиш.



**25-статья. Эрди-катындын мүлкүн бөлүштүргөндө алардын жалпы менчигинен ар биринин үлүшүн аныктоо.**

Эрди-катындын жалпы менчиги болуп саналган мүлктү бөлүштүргөн учурда алардын үлүшү тең деп таанылат. Айрым учурларда сот жашы жетпеген балдардын таламдарын же эрди-катындын биринин көңүл бурууга татык туу болгон кызыкчылыгын эске алып, эрди-катындын үлүшүнүн теңчилигин өзгөртө алат. Эгерде эрди-катындын бири коомдук пайдалуу эмгектен баш тартып келсе же жалпы мүлктү үй-бүлөнүн таламдарына зыян келтирип жумшаган болсо, эрди-катындын экинчисинин үлүшүн көбөйтүшү мүмкүн.

**26-статья. Эрди-катындын ортодогу жалпы мүлкүн бөлүштүрүү**

Эрди-катындын ортодогу жалпы менчиги болуп саналган мүлктү бөлүштүрүүдө сот алардын ар бирине кайсы буюмдар берилүүгө тийиш экендигин аныктайт. Эгерде эрди-катындын бирине ага тиешелүү болгон үлүштөн ашыкы жогору турган буюмдар берилип кетсе, экинчисине тиешелүү акчалай компенсация төлөтүлүп берилиши мүмкүн.

Ажырашкан эрди-катындын ортодогу жалпы менчиги болуп саналган мүлктү бөлүштүрүү боюнча талаптары үчүн доонун эскирүү мөөнөтү болуп үч жылдык мөөнөт белгиленет.

Эрди-катындын биринин же экөөнүн тең талабы боюнча ортодогу жалпы мүлк никеден ажырашкан-ажырашпагандыгына карабастан, алардын ортосунда бөлүштүрүлүшү мүмкүн.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында)

**27-статья. Эрди-катындын кредиттик мекемелердеги акчалай салымдарын бөлүштүрүү**

Эрди-катындын ортодогу жалпы мүлкүн бөлүштүргөн кезде мамлекеттик эмгек сактык кассасындагы же СССРдин Мамлекеттик банкындагы эрди-катындын биринин наамына салынган салымдар, эгер бул салым сот тарабынан эрди-катындын жалпы каражаттарынан түзүлгөн деп аныкталса, ал эрди-катындын ортосундагы мүлк деп таанылат.

### 28-статья. Эрди-катындын ар биринин өздүк менчиги

Никелешүүгө чейин эрди-катынга таандык болгон, ошондой эле никелешкенден кийин белек же мурас катарында алынган мүлк алардын ар биринин өздүк менчиги болуп саналат.

Никеде турган убакта эрди-катындын жалпы каражаттарынын эсебинен сатып алынган болсо да жеке пайдаланнуудагы буюмдар (кийим-кечек, бут кийим жана ошол сыяктуулар) пайдаланган эринин же аялынын өздүк мүлкү деп таанылат, буга кымбат баалуу жана башка асем буюмдары кирбейт.

Никеде турган убакта эрди-катындын ар бирине тийиштүү мүлктүн наркын бир кыйла жогорулаткан салымдар жасалгандыгы (капиталдык ремонт, куруп бүтүрүү, кайра жабдуу жана ошол сыяктуулар) аныкталса, сот ал мүлктү эрди-катындын ортосундагы жалпы менчик деп табышы мүмкүн.

### 29-статья. Эрди-катындын ортосундагы мүлктүк бүтүмдөр

Эрди-катын өз ара закон тарабынан жол берилген бардык мүлктүк бүтүмдөрдү түзө алат. Бирок аялынын, күйөөсүнүн мүлктүк укуктарын чектөөгө багытталган же балдарынын кызыкчылыгына карама-каршы келген алардын ортосунда бүтүмдөр анык эмес жана эрди-катындын өздөрү үчүн да, үчүнчү бирөөлөр үчүн да милдеттүү эмес.

### 30-статья. Колхоздук түтүндүн мүчөлөрү болгон эрди-катындын мүлккө укуктары

Ушул Кодекстин 23—25, 28-жана 31-статьяларында белгиленген эрежелер Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 114-статьясына ылайык колхоздук түтүндүн мүчөлөрү болгон эрди-катындын өздүк менчигин түзгөн мүлкүнө гана жайылтылат.

Колхоздук түтүндүн менчигине ээ болууга, аны пайдаланууга жана башкарууга эрди-катындын укугу Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 128-статьясы менен аныкталат.

Ушул статьянын эрежелери жеке дыйкан түтүнүнүн мүчөлөрү болгон эрди-катынга да бирдей эле колдонулат.

### 31-статья. Эрди-катындын мүлкүнөн өндүрүү

Эрди-катындын биринин милдеттенмелери боюнча өндүрүү жана өздүк мүлкүнөн жана эрди-катындын ортодогу



жалпы менчигиндеги мүлкү бөлүштүргөн кезде ага тиешелүү боло турган үлүшүнөн да жүргүзүлөт.

Эгерде милдеттенме боюнча алынган мүлк бүт үй-бүлөнүн пайдасына пайдаланылгандыгы сот тарабынан аныкталса, эрди-катындын биринин милдеттенмеси боюнча алар өздөрүнүн ортодогу жалпы менчиги болуп саналган мүлкү менен жооп беришет.

Эрди-катындын биринин жасаган кылмышынан келтирилген зыянды төлөткөн кезде, эгерде уголовный иш боюнча соттун өкүмүндө бул мүлк кылмыш жолу менен табылгандыгы аныкталса, эрди-катындын ортосундагы жалпы менчиги болуп саналган мүлкүнөн да жүргүзүлүшү мүмкүн.

### 32-статья. Эрди-катындын бири-бири багуу боюнча милдеттери

Эрди-катын бири-бирин материалдык жактан колдоого милдеттүү. Мындай колдоо көрсөтүүдөн отказ кылган учурда материалдык жардамга муктаж болгон эмгекке жарамсыз эринин же аялынын, ошондой эле боюнда бар кезинде жана бала төрөлгөндөн кийин бир жыл бою аялына мындай жардам берип турууга экинчисинин мүмкүнчүлүгү болсо анын сот аркылуу каражат (алимент) алып турууга укугу бар.

### 33-статья. Эрди-катындын никеден ажырашкандан кийин бири-бири багуу укугунун сакталышы

Никеден ажырашканга чейин же никеден ажырашкандан кийин бир жылдын ичинде эрди-катындын бирөө эмгекке жарамсыз болуп калса, эмгекке жарамсыз жардамга муктаж болгон эрин же аялын багуу үчүн экинчисинен каражат алуу укугу сакталат.

Эгерде эрди-катын узак убакыт никеде турган болсо, ажырашкандан кийин беш жыл өтө электе эри же аялы пенсиялык жашка жеткен учурларда да ажырашып кеткен жана жардамга муктаж болгон эринин же аялынын пайдасына алимент өндүрүп берүүгө соттун укугу бар.

Эгерде никеден ажырашканга чейин аялынын боюна бүткөн болсо, ал боюнда бар убагында жана бала төрөгөндөн тартып бир жыл бою күйөөсүнөн каражат (алимент) алууга укугун сактап калат.

**34-статья. Эрди-катындын бирин багуу үчүн экинчисинен алынуучу алименттердин өлчөмүн белгилөө**

Эрди-катындын бирин-бири багууга өндүрүлүүчү каражаттардын өлчөмү эрди-катындын экөөнүн тең материалдык жана үй-бүлөлүк абалдарына негизделип, жардамга муктаж болгонунун доо койгон учурунан тартып ай сайын төлөнүп туруучу так көрсөтүлгөн акча суммасында белгиленет.

**35-статья. Эрди-катындын бирин экинчиси багуу милдетинен бошотуу же бул милдетти мөөнөт менен чектөө**

Сот төмөндөгү учурларда эрди-катынды бирин бири багуу боюнча милдеттен бошото алат же бул милдетти мөөнөт менен чектей алат:

эрди-катын никеде узак убакыт жашабаса;

багууну талап кылган эринин же аялынын жүрүш-турушу жаман болгондо;

жардамга муктаж болгон эринин же аялынын эмгекке жарамсыздыгы спирттик ичимдиктерди, наркотикалык заттарды керектөөгө берилип кеткендиктин же кылмыш жасоонун натыйжасында келип чыккан болсо.

**36-статья. Эринин же аялынын багылуу укугунан айрылышы**

Эгерде ушул Кодекстин 32—33-статьяларына ылайык багууга каражат алуу үчүн негиз болуп келген шарттар жок болуп калса, ошондой эле багууга каражат алып жүргөн ажырашып кеткен эри же аялы башка адам менен никелешкен учурда эрди-катындын биринин экинчисинен каражат алуу укугу күчүн жоготот.

**37-статья. Эрди-катындын бирин, экинчиси багуу боюнча милдеттерди өзгөртүү же андан бошотуу тартиби**

Эрди-катындын материалдык же үй-бүлө абалы өзгөрүлгөн кезде, алардын ар бири төлөнүп келген алименттердин өлчөмүн өзгөртүү жөнүндө доо менен кайрыла алышат.

Жардамга муктаж болгон жана эмгекке жарамсыз эрин же аялын багуу боюнча милдетинен соттун чечими боюнча эри же аялы бошотулушу же бул милдет мөөнөт менен чектелиши мүмкүн.



Жогоруда көрсөтүлгөн доолор багууга каражат алуучу эринин же аялынын туруктуу жашаган жеринде же турган жеринде каралат.

## 6-ГЛАВА

## НИКЕНИН ЖОЮЛУШУ

**38-статья. Эринин же аялынын өлгөндүгүнүн натыйжасында никенин жоюлушу**

Нике эрди-катындын биринин өлүшүнүн же өлдү деп соттук тартипте жарыяланышынын натыйжасында жоюлат.

**39-статья. Эрди-катындын тирүү кезинде никеден ажыраштыруу**

Эрди-катын тирүү кезинде биринин же экөөнүн тең арызы боюнча никеден ажыратылышы мүмкүн.

Аялынын боюнда бар убагында же бала төрөлгөндөн кийин бир жылга чейин аялынын макулдугу болмоюнча никеден ажыраштыруу жөнүндө күйөөсүнүн иш козгоого укугу жок.

**40-статья. Никеден ажыраштыруунун тартиби.**

Никеден ажыраштыруу сот тартибинде, ал эми ушул Кодекстин 48-жана 49-статьяларында каралган учурларда граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында жүргүзүлөт.

**41-статья. Сот тарабынан никеден ажыраштыруу**

Никеден ажыраштыруу жөнүндөгү иштерди кароо сот тарабынан доо ишин козгоо Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинде белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Сот никеден ажырашуу жөнүндө арыздын берилишинин себебин аныктоого жана эрди-катынды жараштыруу чараларын көрүүгө милдеттүү.

Сот ишти кароону токтотуп коюп, жарашуу үчүн эрди-катынга мөөнөт белгилей алат.

**42-статья. Сот тарабынан никеден ажыраштыруу үчүн негиздер**

Эгерде сот эрди-катындын мындан ары бирге жашоосу жана үй-бүлөнүн сакталышы мүмкүн болбой калгандыгын аныктаса, никеден ажыраштырат.

**43-статья. Никеден ажыраштырган кезде балдардын жана эмгекке жарамсыз эринин же аялынын кызыкчылыктарын коргоо**

Никеден ажыраштыруу жөнүндө чечим чыгарган кезде сот зарыл болгон учурларда жашы жетпеген балдардын жана эмгекке жарамсыз эринин же аялынын кызыкчылыктарын коргоо чараларын көрөт.

**44-статья. Никеден ажыраштырган кезде балдар жөнүндөгү талашты чечүү**

Эгерде никеден ажыраштыргандан кийин балдар ата-энесинин кимисинин колунда жашай тургандыгы жана балдарды багуу үчүн каражаттан кандай тартипте, кандай өлчөмдө жана эрди-катындын кимисинин тарабынан төлөнө тургандыгы тууралу эрди-катындын ортосунда талаш чыкса, сот никеден ажыраштыруу жөнүндөгү иштин чечүү менен бирге ата-энесинин кимисинде балдардын кайсынысы кала тургандыгын, ошондой эле балдарды багуу үчүн ата-энесинин кимисинен жана кандай өлчөмдө каражат өндүрүлө тургандыгын аныктоого милдеттүү.

**45-статья. Эрин же аялын багуу үчүн каражат өндүрүү**

Эрди-катындын бири экинчисинен багуу үчүн каражат алууга укуктуу болсо, анын өтүнүчү боюнча сот никеден ажыраштыруу жөнүндөгү ишти чечүү менен бирге аны багууга эрди-катындын биринен өндүрүлүүгө тийиш болгон каражаттын өлчөмүн аныктоого тийиш.

**46-статья. Эрди-катындын ортосундагы жалпы менчикти бөлүштүрүү**

Эрди-катындын же алардын биринин өтүнүчү боюнча сот никеден ажыраштыруу жөнүндөгү ишти чечүү менен бирге эрди-катындын ортодогу жалпы менчиги болуп саналган мүлктү бөлүштүрүүнү жүргүзүүгө милдеттүү.

Эгерде мүлктү мындай бөлүштүрүү үчүнчү жактын укугу менен байланыштуу болсо, анда мүлктү бөлүштүрүү жөнүндөгү талаш никеден ажыраштыруу жөнүндөгү иш менен бирге чечилиши мүмкүн эмес.

**47-статья. Сот тарабынан никеден ажыраштырылгандыгы жөнүндө күбөлүк берилгенде алынуучу мамлекеттик пошлина**

Никеден ажыраштыруу жөнүндө чечим чыгарган кезде, ал жөнүндө күбөлүк берилгендиги үчүн сот эрди-ка-



тындын биринин же экөөнүн тең 50 сомдон 200 сомго чейинки өлчөмдөгү пошлина төлөөгө тийиш экендигин белгилейт. Эгерде сот мамлекеттик пошлинаны эрди-катындын экөөнөн тең өндүрүүнү зарыл деп тапса, анда алардын ар бири төлөөгө тийиш болгон сумма белгиленет.

**48-статья. Эрди-катындын өз ара макулдугу боюнча граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында никеден ажыраштыруу**

Жашы жетпеген балдары жок эрди-катындын никеден ажырашууга өз ара макулдугу болсо, аларды никеден ажыраштыруу граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында жүргүзүлөт.

Бул учурда никеден ажырашкандыгын оформить этүү жана никеден ажыраштырылгандыгы жөнүндө күбөлүктү эрди-катынга берүү никеден ажыраштыруу жөнүндө эрди-катын арыз берген күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин жүргүзүлөт.

Никеден ажыраштырылгандыгын каттоо үчүн 50 сом өлчөмүндө мамлекеттик пошлина алынат.

Жардамга муктаж болгон эмгекке жарамсыз эрине же аялына каражат төлөө жөнүндө же алардын ортодогу жалпы менчиги болуп саналган мүлктү бөлүштүрүү жөнүндө эрди-катындын ортосунда талаш-тартыш болсо, эрди-катын же алардын бири никеден ажыраштыруу жөнүндө доо менен сотко кайрылууга укуктуу.

**49-статья. Эрди-катындын биринин арызы боюнча граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында никеден ажыраштыруу**

Граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында никеден ажыраштыруу эрди-катындын биринин арызы боюнча төмөндөгүдөй учурларда жүргүзүлөт:

эгерде алардын бири дайынсыз жоголду деп закон тарабынан белгиленген тартипте таанылса;

жин оорулуу же кем акыл болгондугунун аркасында аракет-жөндөмдүүлүгү жок деп закон тарабынан белгиленген тартипте таанылса;

жасаган кылмышы үчүн соттолуп, үч жылдан кем эмес мөөнөткө эркинен ажыратылса.

Балдар жөнүндө эрди-катындын ортодогу жалпы менчиги болуп саналган мүлктү бөлүштүрүү жөнүндө, же жардамга муктаж болгон эмгекке жарамсыз эрди-катын-

дын бирин багуу үчүн каражат төлөө жөнүндө талаш чыкса, никеден ажыраштыруу сот аркылуу жүргүзүлөт.

Никеден ажыратылгандыгын каттоо үчүн арыз берген эринен же аялынан 50 тыйын өлчөмүндө мамлекеттик пошлина алынат.

**50-статья. Ажырашуу менен никенин жоюлуш мезгили**

Граждандык абалдын актыларын каттоо китгасына ажыраштырылгандыгын каттаган убактан тартып нике жоюлду деп эсептелет.

**51-статья. Никеден ажыраштырылган кезде эринин же аялынын фамилиясын калтыруу же өзгөртүү**

Никелешкен кезде өзүнүн фамилиясын башкага өзгөрткөн эри же аялы никеден ажыраштырылгандан кийин да ошол эле фамилиясын сактап калууга укуктуу, же болбосо никеден ажыраштырууну каттоо учурунда граждандык абалдын актыларын жазуу органдары тарабынан анын талабы боюнча ага никелешкенге чейинки фамилиясы берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**52-статья. Өлгөн деп жарыяланган эрди-катындын бири кайтып келген учурда никени калыбына келтирүү**

Өлдү деп закон тарабынан белгиленген тартипте жарыяланган эрди-катындын бири кайтып келген учурда, аны өлдү деп жарыялагандыгы жөнүндө соттун чечими бузулгандан кийин, эгерде эрди-катындын бири башка бирөө менен никелешип албаса, мурдагы никелешүүсү кайра калыбына келтирилди деп эсептелет.

**53-статья. Дайынсыз жоголду деп таанылган эрди-катындын бири кайтып келген учурда никени кайра калыбына келтирүү**

Дайынсыз жоголду деп закон тарабынан белгиленген тартипте таанылган эрди-катындын бири кайтып келген учурда, эгерде анын негизинде аны менен никелешүү граждандык абалдын актыларын жазуу органдары же сот тарабынан ажыраштырылган болсо жана аны дайынсыз жоголду деп таануу жөнүндөгү соттун чечими бузулса, эрди-катындын экөөнүн тең арызы боюнча граждандык абалдын актыларын жазуу органдары тарабынан никелешүү кайра калыбына келтирилиши мүмкүн. Ал эми никеден ажыраштыруу сот тарабынан жүргүзүлгөн болсо, сот алардын арызы боюнча никеден ажыраштырууу жөнүндөгү чечимин бузат.

Эгерде дайынсыз жоголду деп таанылгандын эри же аялы башка бирөө менен жаңы никеде турса, анда нике калыбына келтирилиши мүмкүн эмес.

## 7-ГЛАВА

## НИКЕНИН АНЫК ЭМЕСТИГИ

**54-статья. Никени анык эмес деп таанууга негиздер**

Ушул Кодекстин 17—19-статьяларында белгиленген шарттарды бузган кезде, ошондой эле үй-бүлөнү түзүүгө ниеттенбестен никелешүүнү (жалган нике) каттаган учурларда нике анык эмес деп таанылышы мүмкүн.

**55-статья. Никени анык эмес деп таануунун тартиби**

Никени анык эмес деп таануу соттук тартипте жүргүзүлөт.

**56-статья. Эрди-катындын бири нике жашына жетпеген учурда никени анык эмес деп таануу**

Нике жашына жетпеген адам ушул Кодекстин 18-статьясына ылайык нике жашын төмөндөтүү жөнүндө эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин уруксатысыз никелешсе жана нике жашына жетпеген эрди-катындын биринин кызыкчылыгы никени анык эмес деп табууну талап кылса, мындай нике анык эмес деп таанылышы мүмкүн.

Эрди-катындын биринин жашы жетпегендигине байланыштуу никени анык эмес деп таанууну талап кылууга жашы жетпеген эринин же аялынын, жашы жетпегендин ата-энесинин же анын опекунунун (попечителинин), ошондой эле опека жана попечителдик кылуучу органдардын жана прокурордун укугу бар. Бардык учурларда нике катышууга опека жана попечителдик кылуучу орган тартылууга тийиш.

Эгерде иши чечип жаткан учурда жашы жетпеген эрди-катындын бири жашка толсо, анда анын талабы боюнча гана нике анык эмес деп табылышы мүмкүн.

(1-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**57-статья. Никелешүүгө тоскоолдуктар болгон кезде түзүлгөн никени анык эмес деп таануу**

Ушул Кодекстин 19-статьясында аталган жагдайлар болгон кезде түзүлгөн нике анык эмес деп таанылышы мүмкүн.

Эгерде иштн чечиз жактан учурда никелешүүгө тоскоолдук кылган жагдайлар жок болуп калса, сот бул жагдай жок болуп калган учурдан тартып никелешүүнү анык деп таанууга укуктуу.

Бул негиздер боюнча никени анык эмес деп таанууну талап кылган эринин же аялынын, бул никенин түзүлүшү менен укугу бузулган адамдардын, ошондой эле опека жана попечителдик кылуучу органдардын же прокурордун укугу бар.

Жин оорулуу же кем акыл болгондугунун аркасында аракет-жөндөмдүүлүгү жок деп таанылган адам менен никелешкендигине байланыштуу никени анык эмес деп таануу жөнүндөгү ишти караган кезде нике катышуучуга опека жана попечителдик кылуучу орган тартылууга тийиш.

**58-статья. Мажбурлоо менен түзүлгөн никени анык эмес деп таануу**

Эгерде никелешүү эрди-катындын бири экинчисин мажбурлоосу боюнча же эрди-катындын бирин же экөөн тең башка адамдардын мажбурлоосу боюнча түзүлгөн болсо, мындай нике жабыр тарткандын, же болбосо кызыкчылыктары бар башка жактардын арызы боюнча сот тарабынан анык эмес деп таанылышы мүмкүн.

**59-статья. Жалган никени анык эмес деп таануу**

Эрди-катын же алардын бири үй-бүлөнү түзүүгө ниеттенбестен эле никеге катталышкан учурларда нике анык эмес (жалган нике) деп таанылышы мүмкүн.

Эгерде мындай никени каттаткан адамдар, иш сотто каралганга чейин чындыгында үй-бүлөнү түзүшсө, никенин жалган нике деп таанылышы мүмкүн эмес.

Никени жалган нике катары анык эмес деп таануу жөнүндөгү талапты прокурор коюуга укуктуу, ал эми эрди-катындын бири үй-бүлө түзүүгө ниеттенбестен никелешкен учурларда мындай талапты эрди-катындын экинчиси да коё алат.



**60-статья. Нике анык эмес деп эсептеле баштаган мезгили**

Анык эмес деп таанылган нике, анын түзүлгөн убагынан тартып анык эмес деп эсептелет.

**61-статья. Никенин анык эмес деп таанылышынын натыйжалары**

Никеси анык эмес деп таанылган никеде турган адамдарда ушул статьянын үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүндө каралган учурлардан башка учурларда эрди-катындын эч кандай укуктары жана милдеттери келип чыкпайт.

Анык эмес деп таанылган никеде туруишкан адамдардын биргелешип тапкан мүлкүнө карата Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 12-главасында каралган эрежелер колдонулат.

Эгерде эрди-катындын бири башка никеде тургандыгын экинчисинен жашырган болсо, аны никени анык эмес деп тааныган кезде сот ушул Кодекстин 32—37-статьяларына ылайык аны менен анык эмес никеде турган адамды багуу үчүн андан каражат өндүрүп берүүгө укуктуу, ошондой эле никени жалган деп тааныган учурга чейин бул адамдар биргелешип тапкан мүлкүнө карата ушул Кодекстин 23, 25, 28-статьяларында белгиленген жоболорду колдонууга укуктуу.

Никелешүүгө тоскоолдуктардын бар экендиги жөнүндө билбеген эрди-катындын бири никени каттаган кезде тандап алган фамилиясын сактап калууга укуктуу.

Никенин анык эмес деп таанылышы аны анык эмес деп тааныган учурга чейин төрөлгөн же боюнда калган балдардын укуктарына таасирин тийгизбейт.

# III БОЛУМ

# ҮЙ-БҮЛӨ

## 8-ГЛАВА

## АТА-ЭНЕ ЖАНА БАЛДАР

**62-статья. Ата-эненин жана балдардын укуктарынын жана милдеттеринин келип чыгыш негиздери**

Ата-эненин жана балдардын өз ара укуктары жана милдеттери закондо белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн балдардын тегине негизделет.

**63-статья. Өз ара никеде турган ата-энеден балдардын төрөлгөндүгүн аныктоо**

Өз ара никеде турган ата-энеден балдардын төрөлгөндүгү алардын ата-энесинин никеси жөнүндөгү жазуусу менен күбөлөндүрүлөт.

**64-статья. Ата-эненин биргелешип берген арызы боюнча балдардын ата-энесин аныктоо**

Өз ара никеде турбаган ата-энеден төрөлгөн баланын ата-энеси граждандык абалдын актыларын жазуучу мамлекеттик органдарга анын атасы жана энесинин биргелешип арыз берүү жолу менен аныкталат.

**65-статья. Баланын атасы ким экендигин сот аркылуу аныктоо**

Өз ара никеде турбаган ата-энеден бала төрөлсө, жана ата-энесинин биргелешип берген арызы жок болсо, баланын атасы ким экендиги баланын ата-энесинин биринин же опекундун (попечителдин), ошондой эле бой жеткенден кийин баланын өзүнүн арызы боюнча сот аркылуу аныкталышы мүмкүн.

Баланын атасы ким экендигин аныктоодо сот баланын энеси менен жоопкердин бала төрөлгөнгө чейин бирге жашагандыгын жана чарбасы чогуу болгондугун, же баланы бирге тарбиялагандыгын, же болбосо баккандыгын, же жоопкердин аталыгын таанууну анык күбөлөндүрүүчү далилдерди эске алат.

(1-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 23-апрелдеги Указынын редакциясында).

**66-статья. Никеде турбаган ата-энеден төрөлгөн балдардын укуктары жана милдеттери**

Баланын ата-энесинин ким экендиги ата-энесинин биргелешкен арызы же баланын атасы ким экендигин аныктоо жөнүндө соттун чечими боюнча аныкталган балдар ата-энесине жана алардын туугандарына карата өз ара никеде турган адамдардан төрөлгөн балдардай эле укуктарга жана милдеттерге ээ болот.

**67-статья. Баланын өз ара никеде турган ата-энесин жазуу**

Өз ара никеде турган атасы жана энеси төрөлгөн балдарды жазуу китигасына баланын ата-энеси катары экөөнүн биринин арызы боюнча жазылат.



**68-статья. Аталык (энелик) жөнүндөгү жазуу тууралу талаш-тартыштар**

Баланын атасы же энеси катарында жазылган адам жүргүзүлгөн жазуу жөнүндө ага белгилүү болгон же белгилүү болууга тийиш болгон убакыттан тартып бир жыл ичинде ошол жазууга каршы чыгууга укуктуу. Эгерде ушул убакытта атасы же энеси катарында жазылган адам жашы жетпеген болсо, жылдык моонот анын он сегиз жашка толгон убактысынан баштап эсептелет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**69-статья. Баланын өз ара никеде турбаган ата-энесин жазуу.**

Эгерде ата-энеси өз ара никеде турбаса, баланын энеси жөнүндө жазуу энесинин арызы боюнча, ал эми баланын атасы жөнүндөгү жазуу - баланын атасы менен энесинин биргелешкен арызы боюнча жүргүзүлөт, же болбосо баланын атасы ким экендиги соттун чечимине ылайык жазылат.

Энеси өлүп калса, энеси аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табылса, ал энелик укуктан ажыратылса жана да анын турган жерин аныктоо мүмкүн болбосо, баланын атасы жөнүндөгү жазуу атасынын арызы боюнча жүргүзүлөт.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29 апрелдеги Указынын редакциясында).

**70-статья. Баланын атасы ким экендиги аныкталбаган учурларда баланын атасы ким экендиги жөнүндө жазуу**

Никеде турбаган энеден төрөлгөн бала, эгерде баланын ата-энесинин биргелешкен арызы жок болсо жана баланын атасынын ким экендигин аныктоо жөнүндө соттун чечими жок болсо, балдарды жазуу китигасына энесинин фамилиясына жазылат. Баланын атасынын аты жана чоң атасынын аты энесинин көрсөтүүсү боюнча жазылат.

**71-статья. Баланын аты жана атасынын аты**

Баланын аты ата-энесинин макулдашуусу боюнча, атасынын аты — атасынын аты боюнча, ал эми атасы ким экендиги аныкталбаган учурда баланын атасы болуп жазылган адамдын аты боюнча берилет.

**72-статья. Балдардын фамилиялары**

Балдарга ата-энелеринин фамилиялары берилет. Ата-энесинин фамилиялары ар башка болсо, алардын макулдашуусу боюнча атасынын же энесинин фамилиясы, ал эми макулдукка келишпесе — опека жана попечителдик кылуучу органдардын чечими боюнча берилет.

**73-статья. Балдардын фамилияларын өзгөртүү**

Ата-энесинин ортосунда никенин жоюлушу балдардын фамилияларын өзгөртүүгө алып келбейт.

Эгерде никеден ажырашкандан кийин колунда бала калган атасы же энеси ага өзүнүн фамилиясын бергиси келсе, бул маселени опека жана попечителдик кылуучу органдар же никеден ажыраштыруу жөнүндөгү маселени чечкен кезде баланын кызыкчылыктарына ылайык сот чечет.

Ушул статьянын эрежелери нике анык эмес деп табылган учурларда гана колдонулат.

## 9-ГЛАВА

## АТА-ЭНЕНИН ЖАНА БАЛДАРДЫН ӨЗДҮК УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**74-статья. Ата-эненин укуктарынын жана милдеттеринин теңдиги**

Ата-эне өз балдарына карата тең укуктарга ээ жана бирдей милдеттүү.

Ата-эне өз балдарына карата алардын ортосундагы нике ажыратылган болсо да бирдей укуктардан пайдаланышат жана бирдей милдеттерди аткарышат.

**75-статья. Балдарды тарбиялоо жана алардын укуктары менен таламдарын коргоо боюнча ата-эненин милдеттери**

Ата-эне балдарын тарбиялоого, алардын дени сак өсүшү жана окуусу жөнүндө камкордук көрүүгө, коомдук пайдалуу эмгекке даярдоого, социалисттик коомдун татыктуу мүчөлөрү кылып өстүрүүгө милдеттүү.

Ата-эненин укуктары балдарынын кызыкчылыктарына карама-каршы багытта жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес.

Жашы жетпеген балдардын укуктарын жана таламдарын коргоо алардын ата-энесине жүктөлөт.

Ата-эне жашы жетпеген өз балдарынын законду өкүлү болуп саналат жана өзгөчө полномочие албастан эле бардык мекемелерде, анын ичинде сот мекемелеринде, алардын укуктарын жана таламдарын коргойт.

(1-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**76-статья. Балдарын кайтарып берүүнү талап кылууга ата-эненин укугу**

Жашы жетпеген балдарды законго же соттун чечимине негизделбестен өзүндө кармап турган каалаган адамдан болбосун балдарын кайра берүүнү талап кылууга ата-эне укуктуу.

Эгерде баланы ата-энесине кайра берүү баланын кызыкчылыгына карама-каршы болот деген жыйынтыкка келсе, анда сот бул талаптарды канааттандыруудан отказ кылууга укуктуу.

**77-статья. Ата-эне бөлөк жашаган кезде балдардын жашоо орду**

Эгерде ата-энеси бирге жашабаса, анда жашы жетпеген балдарынын кимисинин колунда турушу алардын макулдуктарына жараша болот.

Ата-энесинин ортосунда макулдук жок болсо, талашты балдардын таламдарына ылайык сот чечет.

**78-статья. Бөлөк жашаган атасынын же энесинин балдарды тарбиялоого катышуусу**

Жашы жетпеген баласынан бөлөк жашаган атасы же энеси аны тарбиялоого катышып жана аны менен жолугуп турууга укугу бар.

Баланы багып жаткан атасы же энеси баланы тарбиялоого экинчисинин катышуусуна жана аны менен жолугуп турууcуна тоскоолдук кылууга акысы жок.

Эгерде баласы менен жолугушуу баланы нормалдуу тарбиялоого жолтоо болсо жана ага зыяндуу таасирин тийгизсе, опека жана попечителдик кылуучу органдар баладан бөлөк жашаган атасын же энесин бала менен жолугушуп туруу укугунан белгилүү мөөнөткө ажыратып коё алат.

**79-статья. Бөлөк жашаган ата-эненин ортосундагы балдарды тарбиялоо боюнча талаш-тартыштарды чечүүнүн тартиби**

Эгерде балдардан бөлөк жашаган ата-энесинин балдарды тарбиялоого катышуусунун тартиби жөнүндө ата-энеси макулдаша албаса, анда бул тартипти ата-энесинин катышуусу менен опека жана попечителдик кылуучу органдар белгилешет.

Ата-энеси опека жана попечителдик кылуучу органдардын чечимине баш ийбеген учурларда опека жана попечителдик кылуучу орган талашты чечүү үчүн сотко кайрылууга укуктуу.

### 80-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратуу

Ата-эне же алардын бири ата-энелик укуктарынан ажыратылышы мүмкүн.

Ата-энелик укуктардан ажыратуу сот тартибинде гана жүргүзүлөт. Ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндөгү иштер сөзсүз прокурордун милдеттүү түрдө катышуусу менен каралат.

### 81-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратуу үчүн негиздер

Ата-эне же алардын бири эгерде алар балдарын тарбиялоо боюнча өз милдеттерин аткаруудан баш тарткандыгы же өздөрүнүн ата-энелик укуктарынан кыянаттык менен пайдаланышкандыгы, балдарга ырайымсыз мамиле кылышкандыгы, өздөрүнүн моралдык жагынан бузулган, коомго жат жүрүш-туруш менен балдарына зыяндуу таасир тийгизгендиктери, ошондой эле ата-энеси өнөкөт аракеч же наркоман экендиги аныкталган болсо, ата-энелик укуктарынан ажыратылышы мүмкүн.

### 82-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндөгү иштерди козгоонун тартиби

Ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндөгү иштер мамлекеттик же коомдук уюмдардын, опека жана попечителдик кылуучу органдардын, баланын ата-энесинин биринин же опекунунун (попечителинин) арызы боюнча, ошондой эле прокурордун доосу боюнча каралат.

### 83-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратылыштын натыйжалары

Ата-энелик укуктардан ажыратылган ата-эне, өз балдары менен туугандыкка негизделген өздүк жана мүлктүк укуктарын жоготушат.

Ата-энелик укуктардан ажыратылышы аларды балдарын багуу боюнча милдеттеринен бошотпойт.

### 84-статья. Ата-энелик укуктарынан ажыратылган атасын же энесин башка жакка көчүрүп жиберүү

Эгерде ата-энелик укугунан ажыратылган атасы же энеси социалисттик коомдо жашоонун эрежелерин дайыма бузуп, баланын аны менен бирге туруу мүмкүнчүлүгүн



кыйындатса, ал эми эскертүү жана коомдук таасир көрсөтүү чаралары натыйжа бербесе, анда ал атасы же энеси Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 311-статьясына ылайык, ошондой эле опека жана попечителдик кылуу органдарынын доосу боюнча башка турак жай берилбестен, бөлөк жакка көчүрүлүп жиберилиши мүмкүн

### 85-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратылган адамдардын балдарын орноштуруу

Ата-энесинин экөө тең ата-энелик укуктарынан ажыратылса, балдар опека жана попечителдик кылуучу органдардын попечениесине өткөрүлүп берилет.

### 86-статья. Ата-энелик укуктарынан ажыратпай туруп баланы алып коюу

Эгерде бала колунда турган адамдарда ал баланы андан ары калтыруу бала үчүн коркунучтуу болсо, анда сот ата-энелик укуктарынан ажыратылган ажыратылбагандыгына карабастан, баланы алып коюу жана аны опека жана попечителдик кылуучу органдардын попечениесине өткөрүп берүү жөнүндө чечим кабыл ала алат.

Баланы алып коюуга негиз болгон себептер жоюлса, сот ата-энесинин же прокурордун арызы боюнча, баланын кызыкчылыктарын эске алып, аны ата-энесине кайтарып берүү жөнүндө чечим чыгара алат.

### 87-статья. Баланы убактылуу алып коюу

Баланын өмүрүнө же ден соолугуна түздөн-түз коркунуч туулган учурда, опека жана попечителдик кылуучу органдар иш сотто чечилгенге чейин эле ата-энесинен же попечениесинде болгон башка адамдардан баланы убактылуу алып коюу жөнүндө токтом чыгарууга акылуу.

Опека жана попечителдик кылуучу органдар мындай токтомду чыгаргандан кийин дароо баланы алып коюу жөнүндө сотто иш козгоого милдеттүү.

Сот ишти сотто кароого даярдоо процессинде же ишти кароо убагында иш биротоло чечилгенге чейин баланын кайда тура тургандыгы жөнүндөгү маселени чечүүгө тийиш.

### 88-статья. Ата-энелик укуктарынан ажыратылган ата-энелердин балдары менен жолуктуруу

Ата-энелик укуктарынан ажыратылган атасынын же энесинин өтүнүчү боюнча опека жана попечителдик кылуучу органдар, эгерде атасы же энеси менен жолугушуу балдарга зыяндуу таасир кылбаса, ага балдары менен жолугушууга уруксат бере алат.

### 89-статья. Ата-энелик укуктарды калыбына келтирүү

Эгерде муну балдардын кызыкчылыгы талап кылса жана балдарды асырап кетпеген болсо, ата-энелик укуктарды кайра калыбына келтирүүгө жол берилет.

Эгерде ата-эненин жүрүш-турушу жана турмуш алып баруусу өзгөрүлүп, алар балдарды тарбиялоого жана багууга жөндөмдүү болуп калган учурда ата-энесинин ата-энелик укуктарын кайра калыбына келтирүүгө жол берилет.

### 90-статья. Ата-энелик укуктарын калыбына келтирүүнүн тартиби

Ата-энелик укуктарды кайра калыбына келтирүү ата-энелик укуктарынан ажыратылган адамдардын же прокурордун арызы боюнча сот тартибинде гана жүргүзүлөт.

Сот ата-энелик укуктарынан ажыратылган атасынын же энесинин ата-энелик укуктарын кайра калыбына келтирүүнүн мүмкүнчүлүгү жөнүндө ата-энелик укуктарынан ажыратылбаган атасынын же энесинин пикирин билүүгө милдеттүү.

### 91-статья. Балдарды тарбиялоого байланыштуу талаштарды чечүүдө опека жана попечителдик кылуучу органдардын катышуусу

Балдарды тарбиялоого байланыштуу болгон талаштарды караган кезде ишке катышууга бардык учурларда опека жана попечителдик кылуучу органдар тартылууга тийиш.

### 92-статья. Балдарды өткөрүп берүү же алып коюу жөнүндөгү соттун чечимдерин аткаруу

Ата-энесинен же башка адамдардан балдарды алып коюу же өткөрүп берүү жөнүндө соттордун чечимдерин аткаруу сот аткаруучулар тарабынан опека жана попечителдик кылуучу органдардын сөзсүз катышуусу менен жүргүзүлөт.

Атасы же энеси же бала попечениесинде турган башка адам чечимдин аткарылышына тоскоолдук кылган учурларда Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинин 409-статьясында каралган чаралар колдонулат.



10-ГЛАВА

## АТА-ЭНЕНИН АЛИМЕНТТИК МИЛДЕТТЕРИ

### 93-статья. Балдарын багуу боюнча ата-эненин милдеттери

Ата-эне өздөрүнүн жашы жетпеген балдарын, жашы жеткен, бирок эмгекке жарамсыз, жардамга муктаж болгон балдарын багууга милдеттүү.

### 94-статья. Жашы жетпеген балдарын багууга ата-энесинен өндүрүлүп алынуучу алименттердин өлчөмү

Жашы жетпеген балдарга ата-энесинен алименттер төмөндөгүдөй өлчөмдө өндүрүлөт: бир балага — ата-энесинин эмгек акысынын (доходунун) төрттөн бир бөлүгү, эки балага — үчтөн бир бөлүгү, үч жана андан көп балага — жарымы.

### 95-статья. Өндүрүлүүчү алименттердин өлчөмүн азайтуу

Эгерде алименттерди төлөөгө милдеттүү болгон атасынын же энесинин дагы башка жашы жете элек балдары болуп, ушул Кодекстин 94-статьясында белгиленген өлчөмдө алименттерди өндүргөн кезде ал балдары алимент алышкан балдарынан материалдык жактан кемирээк камсыз болуп калса, ошондой эле алименттер өндүрүлүп жаткан атасы же энеси биринчи же экинчи группадагы инвалид болсо, же балдары өздөрү иштеп, жетишээрлик эмгек акы алып турушкан учурларда өндүрүлүп жаткан алименттердин өлчөмү сот тарабынан азайтылышы мүмкүн.

Эгерде балдары мамлекеттин же коомдук уюмдун толук багуусунда болсо, сот алименттердин өлчөмүн азайтып коюуга же аны төлөөдөн бошотуп коюуга акылуу

### 96-статья. Балдар мекемелерине жайгаштырылган балдарга алименттерди өндүрүү

Балдар мекемелерине жайгаштырылган балдарды багууга расходдор ал балдардын ата-энесинен бул мекеменин пайдасына ушул Кодекстин 94-статьясында белгиленген өлчөмдө өндүрүлүшү мүмкүн. Мындай учурларда ата-энеси балдарын багуу үчүн акча төлөөдөн закон боюнча бошотулбаган болсо, балдарды багуу үчүн каражаттар,

алардын ар биринен өндүрүлөт. Мындай учурда ата-эненин бирине (опекунга, попечителдик кылуучуга) мурда өндүрүлүп берилген алименттерди төлөө токтотулат.

Сот ата-эненин материалдык жана үй-бүлөлүк абалын эске алып, аларды бул каражаттарды төлөөдөн толук же жарым-жартылай бошото алат.

**97-статья. Жашы жетпеген балдарга алименттерди акчалай так белгиленген суммада өндүрүү**

Эгерде алимент төлөөгө милдеттүү болгон ата же эне эмгек акысы (доходу) өзгөрүлүп турса, же эмгек акысынын (доходунун) бир бөлүгүн натуралай алса, ошондой эле алименттерди атасынын же энесинин эмгек акысына (доходуна) карата үлүштүк түрдө өндүрүү мүмкүн болбогон же кыйынчылык келтирген башка учурларда балдарды багууга каражат төлөп берүүнү талап кылган адамдын өтүнүчү боюнча алименттер ай сайын төлөп турууга тиешелүү болгон акчалай так белгиленген суммада аныкталышы мүмкүн.

Бул сумманын өлчөмү атасынын же энесинин болжолдуу эмгек акысынын (доходунун) негизинде ушул Кодекстин 94-статьясына жараша белгиленет.

**98-статья. Ата-эненин ар биринин колундагы балдарга алименттерди өндүрүү**

Эгерде балдар ата-эненин ар биринин колунда кала турган болсо, ата-энесинин биринен материалдык жактан начарыраак турган экинчисинин пайдасына ай сайын өндүрүлүп берүүчү алименттердин өлчөмү акчалай так белгиленген суммада ата-энесинин материалдык жана үй-бүлөлүк абалына жараша ушул Кодекстин 94-статьясында каралган чектерде сот тарабынан белгиленет.

**99-статья. Көмөк чарбасынан доходу бар адамдардан алименттерди өндүрүү**

Эгерде жашы жетпеген балдарына алимент төлөөчү атасынын же энесинин кошумча доход алуучу көмөк чарбасы болсо, анда ушул Кодекстин 94-статьясында белгиленген өлчөмдө эмгек акысынын (доходунун) тиешелүү үлүшүнөн тышкары, ошол атанын же эненин үлүшүнө таандык болгон көмөк чарбадан түшкөн доходдордун эсебинен да сот тарабынан белгилүү суммадагы акча өндүрүлүп берилиши мүмкүн.



**100-статья. Балдарды багуу боюнча кошумча расходдорго ата-эненин катышуусу**

Жашы жетпеген балдарына алимент төлөөчү ата же эне, өзгөчө жагдайларда (катуу оорун же бала майып болуп калса ж. б.) кошумча расходдорго катышууга тартылышы мүмкүн.

Мындай расходдорго катышуу өлчөмү ата-эненин материалдык жана үй-бүлөлүк абалы эске алынып, сот тарабынан аныкталат.

**101-статья. Жашы жеткен эмгекке жарамсыз балдарына алименттерди өндүрүү**

Жашы жеткен эмгекке жарамсыз жардамга муктаж болгон балдарын багууга ата-энесинен алименттерди өндүрүүдө анын суммасы алимент өндүрүлүп алынуучу адамдын жана аны алуучу адамдын материалдык жана үй-бүлөлүк абалдарын эске алуунун негизинде акчалай так белгиленген суммада аныкталат.

**102-статья. Иш сотто каралганга чейин алименттерди убактылуу өндүрүү**

Ата-энесинен балдарын багууга каражат өндүрүү жөнүндөгү иштер боюнча, эгерде жоопкер ушул Кодекстин 64, 65- жана 67-статьяларына ылайык граждандык абалдын актыларын каттоо китебинде баланын атасы же энеси болуп жазылган учурларда сот ишти жүйөөсү боюнча караганга чейин балдарды багуу боюнча расходдорду жоопкер убактылуу кандай өлчөмдө төлөөгө милдеттүү экендиги жөнүндө аныктама чыгарууга акылуу.

Убактылуу өндүрүлүүгө тийиш болгон сумманын өлчөмү жоопкердин эмгек акысынан (доходунан) үлүшүнө карата же акчалай так белгиленген суммада белгилениши мүмкүн.

**103-статья. Алименттерди кармаган кезде алынууга тийиш болгон эмгек акынын (доходдун) түрлөрү**

Нике жана үй-бүлө жөнүндө ССР Союзунун жана союздук республикалардын закондорунун Негиздерине ылайык алименттерди кармаган кезде эске алынууга тийиш болгон эмгек акынын (доходдун) түрлөрү ССР Союзунун Министрлер Совети тарабынан белгиленген тартипте аныкталат.

## 11-ГЛАВА

## БАЛДАРДЫН АЛИМЕНТТИК МИЛДЕТТЕРИ

### 104-статья. Ата-энесине карата балдарынын милдеттери

Балдар ата-энеси жөнүндө камкордук көрүүгө жана аларга жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

Эмгекке жарамсыз, жардамга муктаж болгон ата-энесин багуу алардын жашы жеткен балдарынын милдети болуп эсептелет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 105-статья. Ата-энесин багуу милдетинен балдарын бошотуу

Эгерде сот ата-эненин ата-энелик милдеттерин аткаруудан баш тарткандыктарын аныктаса, алардын балдары ата-энесин багуу милдетинен бошотулушу мүмкүн.

Ата-энелик укуктарынан ажыратылгандар да өз балдарынан багууну талап кылуу укугунан ажырайт.

### 106-статья. Мамлекеттик мекемелерде турган ата-энесине алименттерди өндүрүү

Ата-эненин мамлекеттик же коомдук мекемелерге жайгаштырылгандыгы балдарын аларды багуу милдетинен бошотпойт. Мындай учурларда каражаттарды өндүрүү жөнүндөгү маселе сот тарабынан ата-энесинин муктаждыктарын жана балдарынын материалдык жана үй-бүлөлүк абалдарын эсепке алуу менен чечилет.

### 107-статья. Ата-энесине өндүрүлүп берилүүчү алименттердин өлчөмү

Жардамга муктаж болгон эмгекке жарамсыз ата-энесин багууга ар бир баласынын катышуусунун өлчөмү сот тарабынан, ата-энесинин жана балдарынын материалдык жана үй-бүлөлүк абалына жараша, ай сайын акчалай төлөнүп туруучу так белгиленген суммада аныкталат.

Бул сумманы аныктоо кезинде сот ошол ата-эненин жашы жеткен бардык балдарын, талап балдарынын бардыгына же бирөөнө гана же алардын бир канчасына коюлгандыгына карабастан, эсепке алат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында).



### 108-статья. Ата-энесине алименттерди убактылуу өндүрүү

Ата-энесин багууга каражаттарды өндүрүү жөнүндө иштин жүйөсү аныкталып чечилгенге чейин сот доочунун өтүнүчү боюнча балдарынын кимиси ата-энесин багууга убактылуу каражатты кандай өлчөмдө берип турууга тийиш экендиги жөнүндө аныктама чыгарууга укуктуу.

## 12-ГЛАВА

## ҮЙ-БҮЛӨНҮН БАШКА МҮЧӨЛӨРҮНҮН АЛИМЕНТТИК МИЛДЕТТЕРИ

### 109-статья. Үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн алименттик милдеттери

Жашы жетпеген балдарды, ошондой эле жардамга муктаж жашы жеткен эмгекке жарамсыз адамдарды багуу боюнча милдет алардын туугандарына ушул Кодекстин 110 –117-статьяларында каралган шарттарга ылайык келсе, алардын чоң атасына, чоң энесине, неберелерине, ага-инилерине, эже-сиңдилерине, ошондой эле өгөй атасына же өгөй энесине, өгөй уулдарына же өгөй кыздарына, балдарды биротоло тарбиялоого алган адамдарга жана дайыма тарбиясында болгон адамдарга жүктөлүшү мүмкүн.

### 110-статья. Өгөй уулдарын жана өгөй кыздарын багуу боюнча өгөй атасынын жана өгөй энесинин милдеттери

Өгөй ата жана өгөй эне өздөрүнүн жашы жетпеген, ошондой эле жардамга муктаж болгон эмгекке жарамсыз жашы жеткен өгөй уулдарын жана өгөй кыздарын, эгерде алар өгөй атасы менен өгөй энесинин тарбиясында же багуусунда болуп келишсе, ата-энеси жок болсо, же өздөрүн багуу үчүн алардан жетиштүү каражат ала албаса, багууга милдеттүү.

### 111-статья. Өгөй атасын жана өгөй энесин багуу боюнча өгөй уулдарынын жана өгөй кыздарынын милдеттери

Эгерде өгөй ата-эне өгөй уулдарын жана кыздарын баккан же тарбиялаган болсо, өгөй уулдары гана өгөй кыздары өздөрүнүн жардамга муктаж болгон эмгекке жарамсыз өгөй атасын жана өгөй энесин багууга милдеттүү.

Өгөй атасы менен өгөй энеси уулдарын жана өгөй кыздарын он жылдан кем тарбиялап баккан болсо, же аларды тарбиялоо боюнча өздөрүнүн милдеттерин тийиштүү даражада аткарбаган болсо, сот өгөй уулдарын жана кыздарын өгөй атасы менен өгөй энесин багуу милдетинен бошотууга укуктуу.

**112-статья. Ага-инилердин, эже-сиңдилердин, карындаштардын өздөрүнүн жашы жетпеген же эмгекке жарамсыз жашы жеткен ага-инилерин, эже-сиңдилерин, карындаштарын багуу боюнча милдеттери**

Жетиштүү оокаттуу агалары жана эжелери, өздөрүнүн жардамга муктаж болгон жашы жетпеген инилерин, карындаш-сиңдилерин, алар ата-энесинен жардам ала албаса, багууга милдеттүү. Алар жардамга муктаж болгон жашы жеткен эмгекке жарамсыз ага-инилерине жана эже-сиңди, карындаштарына карата да эгерде алар ата-энесинен, эринен жана аялынан, же болбосо балдарынан жардам ала албаса, ошондой эле милдетти аткарат.

**113-статья. Неберелерин багуу боюнча чоң атасынын жана чоң энесинин милдеттери**

Жетиштүү оокаттуу чоң атасы жана чоң энеси жок жашы жетпеген неберелерин же ошондой эле өздөрүнүн ата-энесинин, эринен же аялынан жардам ала албаган жашы жеткен эмгекке жарамсыз жардамга муктаж неберелерин багууга милдеттүү.

**114-статья. Чоң атасын жана чоң энесин багууга неберелеринин милдеттери**

Жетиштүү оокаттуу неберелери, эгерде чоң атасы менен чоң энеси өздөрүнүн балдарынан, эринен же аялынан жардам ала албаса, эмгекке жарамсыз, жардамга муктаж болгон чоң атасын жана чоң энесин багууга милдеттүү.

**115-статья. Асыранды балдарга карата асыроочунун милдети**

Биротоло асыралып алынган балдарды мындан ары багуудан баш тарткан учурда, жашы жетпеген, ошондой эле жардамга муктаж эмгекке жарамсыз жашы жеткен асыранды баланын өз ата-энеси жок болсо же өз ата-энесинен жардам ала албаса, аны асыроочу багууга милдеттүү.



Ушул статьяда көрсөтүлгөн милдеттер балдарды опекундар (попечителдик кылуучулар) катарында тарбиялап келген адамдарга жүктөлбөйт.

**116-статья. Асыранды балдардын асырап алган адамдарды багуу боюнча милдеттери**

Асыранды баласы белгиленген тартипте 10 жылдан кем эмес дайыма колунда турган адам эмгекке жарамсыз, жардамга муктаж болуп калган учурда жана ал багуу үчүн закон боюнча каражат берүүгө милдеттүү башка адамдардан жардам ала албаса, ага ал асыранды баласы каражат берип турууга милдеттүү.

**117-статья. Багуу боюнча бирдей милдеттүү адамдардын ортосунда алименттердин өлчөмүн жана милдеттерди бөлүштүрүү**

Ушул главада көрсөтүлгөн адамдарды багуу үчүн каражаттардын өлчөмү ар бир айрым учурда сот тарабынан алименттер өндүрүлүүчү адамдын алименттерди алуучу адамдын материалдык жана үй-бүлөлүк абалдарына жараша ай сайын төлөп берилүүчү акчалай так белгиленген суммада аныкталат.

Эгерде ошол адамды бир нече адам багууга милдеттүү болсо, анда сот алардын материалдык жана үй-бүлөлүк абалдарына жараша алардын ар биринин үлүшүн аныктайт.

13-ГЛАВА

## АЛИМЕНТТЕРДИ ТӨЛӨӨНҮН ЖЕ ӨНДҮРҮҮНҮН ТАРТИБИ

**118-статья. Алименттерди ыктыярдуу төлөөнүн тартиби**

Алименттерди төлөөгө милдеттүү болгон адам алименттерди ыктыярдуу түрдө өзү төлөйт, же өзү иштеген, пенсия, стипендия жана башка суммаларды алган жериндеги администрация аркылуу төлөйт.

Алименттердин ыктыярдуу төлөнүп турушу кырдаалы алименттерди алуучунун каалаган убакта аны законго ылайык белгиленген тартипте өндүрүп берүү жөнүндө доо менен сотко кайрылуу укугун жокко чыгарбайт.

### 119-статья. Алименттерди төлөөчүнүн кат жүзүндөгү арызы боюнча эмгек акысынан алименттерди кармоо

Алимент төлөөчүнүн кат жүзүндөгү арызынын же аткаруу барагынын негизинде ишкананын, мекеменин, уюмдун администрациясы эмгек акысынан (пенсиясынан, пособиесинен, стипендиясынан ж. б.) ай сайын алименттерди кармап, эмгек акы (пенсия, пособие, стипендия ж. б.) төлөнгөн күндөн тартып үч күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен арызда же аткаруу барагында көрсөтүлгөн адамга ал акчаны төлөөгө же жиберүүгө милдеттүү.

Арызы боюнча алиментгер кармалып жаткан граждашин башка ишке которулуп же жашап турган жерин алмаштырса, алиментгерди кармоо анын жаңыдан берген арызынын негизинде жүргүзүлөт. Бул учурларда алиментгерди төлөбөгөн убакыттын ичинде жыйналган карыздар адамдан анын берген арызы боюнча же сот тартибинде өндүрүлүшү мүмкүн.

### 120-статья. Төлөөчүнүн арызы боюнча алименттерди кармабоо учурлары

Эгерде арыздын жана аткаруу документтеринин негизинде кармалууга тийиш болгон жалпы сумма карыздар адамдын алуучу эмгек акысынын жана ага теңештирилген төлөөлөрдүн 50 процентинен ашып кетсе, ошондой эле эгерде карыздар адамдан соттун чечими боюнча башка энеден төрөлгөн балдарга да алимент өндүрүлүп жаткан болсо, арыздын негизинде алименттерди кармоонун жүргүзүлүшү мүмкүн эмес. Мындай учурларда алиментти өндүрүү жөнүндөгү маселе сот тарабынан чечилет, ал жөнүндө арыз берген адамга жана пайдасына алимент өндүрүлүп жаткан адамга билдирилет.

### 121-статья. Алименттерди ыктыярдуу төлөөнү каалаган адамдын арызынын мазмуну

Алименттерди ыктыярдуу төлөөнү каалаган адамдын ишкананын, мекеменин, уюмдун администрациясына берген кат жүзүндөгү арызында арыз берүүчүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жери жана жылы, турган жери жана кызматы; багуу үчүн алимент кармалуучу адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты жана туулган жылы; алименттерди төлөө же жиберүү керек болгон адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты жана адреси көрсөтүлүүгө тийиш.



### 122-статья. Алименттерди кармоо жөнүндөгү арыздарды сактоо тартиби

Алименттерди кармоо жөнүндөгү, ошондой эле алардын өлчөмүн өзгөртүү тууралуу же алименттерди кармоону токтотуу жөнүндөгү арыздар ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясында аткаруу документтерди кармоонун белгиленген тартиби боюнча сакталат.

### 123-статья. Алименттерди кармоо жөнүндөгү арызды жоготкондугу үчүн жоопкерчилик

Алименттерди кармоо жөнүндөгү арыздын жоголушуна күнөөлүү болгон кызмат адамы Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинин 351-статьясында каралган тартипте жооп берет.

### 124-статья. Алименттерди өндүрүп берүү жөнүндө доо коюу укугу

Алименттерди алууга укуктуу адамдар алиментти алууга укуктуу болгон мезгилден тартып, канча убакыт өткөндүгүнө карабастан каалаган кезинде сот аркылуу алименттерди төлөөнү талап кыла алат.

### 125-статья. Жашы жетпеген балдарга алименттер төлөнө баштоо мезгили

Алименттер сотко доо коюлган учурдан тартып өндүрүлө баштайт.

Эгерде доочу тарабынан сотко кайрылганга чейин багуу үчүн каражаттарды алууга чаралар көрүлгөндүгү, бирок алимент төлөп берүүгө милдеттүү болгон адам аны төлөөдөн баш тарткандыгынын натыйжасында алименттер алынбагандыгы сот тарабынан аныкталса, ошондой эле ушул Кодекстин 119-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн кырдаалдарга туура келсе, өткөн убакыт үчүн алименттер үч жылдык мөөнөттүн чегинде өндүрүлүшү мүмкүн.

### 126-статья. Алименттерди төлөөдөн баш тарткан адамдардын паспортторундагы белгилердин негизинде алименттерди өндүрүү

Паспортунда милиция органынын соттун чечимине ылайык бул адам алимент төлөөгө милдеттүү деген белгиси (жазуусу) болгон адамга эмгек акысын же башка

иштеп тапкандарын (пенсия, пособие, стипендия ж. б.) төлөгөн кезде ишкананын, мекеменин, уюмдун администрациясы анын аткаруу барагы келип түшкөнгө чейин паспортундагы белгиси (жазуусуна) ылайык, аткаруу барактары боюнча белгиленген тартипте өндүрүлүүчү алименттерди кармоону жүргүзүүгө жана бул жөнүндө райондогу (шаардагы) эл сотунун сот аткаруучусуна билдирүүгө милдеттүү. Пайдасына алименттер өндүрүлүп жаткан адамдын адреси белгисиз болсо, кармалган сумма эл сотунун депозиттик счетуна которулат.

Бул милдетти аткарбаган учурда күнөөлүү болгон кызмат адамына Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинин 410-статьясында белгиленген тартипте жана өлчөмдө штраф салынышы мүмкүн.

### 127-статья. Алименттердин мурда белгиленген өлчөмүн өзгөртүү

Ушул Кодекстин 95-статьясынын биринчи бөлүгүндө каралган жагдайларда жашы жетпеген балдары үчүн алименттер төлөп жаткан ата же эне эмгек акысынын (доходунун) сот тарабынан белгиленген балдарды багуу үчүн өндүрүлүп жаткан үлүшүнүн өлчөмүн азайтуу жөнүндө доо менен кайрылууга укуктуу. Ушул Кодекстин 95-статьясынын экинчи бөлүгүндө каралган жагдайларда алименттер төлөп жаткан ата же эне алименттердин өлчөмүн азайтуу же аларды төлөөдөн бошотуу жөнүндө доо менен кайрылууга укуктуу.

Мындай жагдайлар болбой калса, жашы жетпеген балдарына алимент алуучу адам ушул Кодекстин 94-статьясында белгиленген өлчөмдө алименттерди өндүрүү жөнүндө доо менен кайрылууга укуктуу.

Жашы жетпеген балдарына акчалай так белгиленген суммада алимент (ушул Кодекстин 97-статьясы) төлөп жаткан атанын же эненин материалдык же үй-бүлөлүк абалы өзгөргөн кезде, буга тиешеси бар адамдын доосу боюнча алименттердин өлчөмүн өзгөртүп коюуга сот акылуу.

Эгерде жашы жеткен эмгекке жарамсыз жардамга муктаж болгон балдарын багууга ата-энесинен өндүрүлүүгө тийиш болгон (ушул Кодекстин 101-статьясы), же эмгекке жарамсыз, жардамга муктаж болгон ата-энесин багууга балдарынан өндүрүлүп жаткан (ушул Кодекстин 104, 107-статьялары) суммалардын, ошондой эле үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүн багууга өндүрүлүүчү суммалардын өлчөмү (ушул Кодекстин 109—117-статьялары) сот тарабынан белгиленгенден кийин каражат берүүгө милдеттүү



болгон адамдын же алименттер алган адамдын материалдык жана үй-бүлөлүк абалы өзгөрсө, алардын кайсынысынын болбосун доосу боюнча алименттердин белгиленген өлчөмүн өзгөртүп коюуга сот акылуу.

### 128-статья. Ар башка энелен төрөлгөн балдарга өндүрүлүүчү алименттердин өлчөмүн өзгөртүү

Эгерде атасынан ар башка энелен төрөлгөн балдары на соттордун бир нече чечимдери боюнча алименттер өндүрүлүп, алардын бардыгын кошкондо ушул Кодекстин 94-статьясында белгиленген алименттердин өлчөмүнөн ашып кетсе, алименттер төлөп жаткан ата, ал [illegible] алып жаткан ар бир адамга карата алименттердин өлчөмүн тийиштүү түрдө төмөндөтүү [illegible] доо коё алат.

Мындай доону караган кезде [illegible] алименттердин жаңы өлчөмүн, [illegible] ган балдардын ар бирине тең үлүштөр [illegible] ны өлчөмүн белгилейт.

(1 бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин [illegible] мунун 1974-жыл, 2-июлдагы Указынын [illegible]

### 129-статья. Аткаруу барагына ылайык алименттер боюнча карыздарды өндүрүү

Аткаруу барагы боюнча өткөн убакыт үчүн [illegible] терди өндүрүү, ошол аткаруу барагына [illegible] баштоо мезгилинен мурдагы үч жылдык мөөнөт [illegible] де жүргүзүлөт.

Эгерде өндүрүүгө берилген аткаруу барагы [illegible] рыздар адамды издөөгө байланыштуу [illegible] моо жүргүзүлбөгөн учурларда, алименттер [illegible] лардын өндүрүү белгиленген үч жылдык мөөнөт [illegible] багуу үчүн пайдасына алименттер [illegible] жашы толгондугуна карабастан, өткөн бардык [illegible] жүргүзүлөт.

### 130-статья. Алименттер боюнча карыздарды аныктоо

Алименттер боюнча карыз карыздар адам[illegible] жүргүзүлбөгөн бардык убакыт ичинде [illegible] эмгек акысынын (доходунун) негизинде а[illegible]

Эгерде карыздар адам бул мезгилде [illegible] же анын эмгек акысын (доходун) тастыктоочу [illegible] көрсөтүлбөсө карыз өндүрүлүп жаткан [illegible] ган эмгек акысынын (доходунун) негизинде аныкталат.

Алименттер боюнча карыздын сот аткаруучу тарабынан белгиленген өлчөмү менен макул болбосо, аласа же карыздар адам сот аткаруучунун аракеттери жөнүндө Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинин 432-статьясында каралган тартипте даттана алат.

**131-статья. Алименттерди төлөөдөн бошотуу же карызын азайтуу**

Алименттерди төлөөдөн бошотуу же карызын азайтуу соттун чечими боюнча гана жүргүзүлөт.

Эгерде сот алименттерди төлөөчү адамдын оорун калгандыгынын натыйжасында же жүйөлүү башка себептер боюнча алимент төлөбөй калгандыгын жана анын материалдык, үй-бүлөлүк абалына ылайык жыйылган карызды төлөп берүүгө мүмкүндүгү жоктугун аныктаса, алименттер төлөөчү адамдын доосу боюнча анын алименттер боюнча жыйылып калган карыздарын төлөөдөн толук же жарым-жартылай бошотууга укуктуу.

**132-статья. Өндүрүлгөн алименттердин чегерилишине же кайтарылып берилишине жол берилбестик**

Алименттердин төлөнүүгө тийиш болгон суммалары карыздар адамдын карама-каршы койгон талаптары боюнча чегерилиши мүмкүн эмес.

Соттун чечими доочунун жалган маалыматтарды билдиришинин же ал алып келген жасалма документтердин негизинде бузулган учурлардын башка убактарда төлөнүп кеткен алименттик суммалар кайрадан кайтарылып берилиши мүмкүн эмес.

## 14-ГЛАВА

## БАЛА АСЫРАП АЛУУ

**133-статья. Асырап алынуучу балдар**

Жалаң гана жашы жетпеген балдарды алардын кызыкчылыгын сактоо максатында гана асырап алууга жол берилет.

**134-статья. Баланын асырап алынышын чечүүчү орган**

Баланы асырап алуу бала асырап алууну каалаган адамдын өтүнүчү боюнча анын жашап турган жеринде же болбосо асырап алынуучу бала жашап турган жерде эл



депутаттарынын райондук, шаардык [illegible] Советинин аткаруу комитетинин [illegible]

(Кыргыз ССР [illegible] Жогорку [illegible] 1980 жыл 29 апрелдеги [illegible])

**135-статья. Бала асырап [illegible] дандар**

Ата-энелик укуктарынан ажыр[illegible] нан белгиленген тартипте аракет[illegible] аракет жөндөмдүүлүгү чек[illegible] ошондой эле мурда бала ас[illegible] милдеттерин ишинин[illegible] тыйжасында бала асырооо[illegible] дардан башка бардык [illegible] асырап алууга укукт[illegible]

**136-статья. Баласын асыратуу[illegible] кулдугу**

Баланы асырап алуу [illegible] ратылбаган ата-эненин мак[illegible]

Ата-энесн айрым адамга ба[illegible] алууга макулдук бериши [illegible] га макулдугун берүү менен, ба[illegible] жана попечителдик кылуучу орг[illegible] бериши мүмкүн.

Ата-энесинин баланы асырап [illegible] жүзүндө берилүүгө тийиш.

Эгерде баланы асырап алуу [illegible] болсо, ата-энесн берген макулдуг[illegible] укуктуу.

**137-статья. Баланы ата-энесинин мак[illegible] асырап алуу**

Эгерде ата-эне ата-энелик укуктарынан [illegible] болсо, же закон тарабынан белгиленген тар[illegible] аракет-жөндөмдүүлүгү жок деп же алар [illegible] болгон деп таанылса баланы асырап алууга [illegible] энесинин макулдугу талап кылынбайт.

Эгерде ата-энесн бир жылдан ашык убак[illegible] бирге жашабаса, жана да опека менен попе[illegible] луучу органдардын эскертүүсүнө карабаст[illegible] бияloo жана багуу боюнча өз торунун [illegible] руудан баш тарткан болсо [illegible] айрым учурларда бала асырап алуу [illegible] гусуз жүргүзүлүшү мүмкүн

**138-статья. Асыранды бала болууга баланын макулдугу**

Он жашка жеткен балдарды асырап алууга анын макулдугусуз жол берилбейт. Асыранды бала болууга баланын макулдугу опека жана попечителдик кылуучу органдар тарабынан аныкталат.

Эгерде баланы асырап алуу жөнүндө арыз бергенге чейин бала аны асырап алган адамдын үй-бүлөсүндө жашап турса жана асырагандарды өзүнүн ата-энеси деп эсептесе, бала асырап алуу, айрым учурларда асыранды баланын макулдугусуз жүргүзүлүшү мүмкүн.

**139-статья. Эри же аялы бала асырап алганда алардын өз ара макулдугу**

Никеде турган адамдын бирөө бала асырап алууну кааласа, анда эрди-катындын экинчисинин макулдугу талап кылынат. Мындай макулдук кат жүзүндө берилүүгө тийиш.

Эгерде эри же аялы аракет-жөндөмдүүлүгү жок деп белгиленген тартипте таанылса, ошондой эле эрди-катындын үй-бүлөлүк мамилелери үзүлгөн болсо жана алар бир жылдан ашык убакыт бирге турушпаса же биринин турган жери белгисиз болсо, бала асырап алуу үчүн эрди-катындын экинчисинин макулдугу талап кылынбайт.

**140-статья. Опекадагы же попечителдиктеги же мамлекеттик балдар мекемелериндеги балдарды асырап алуу**

Опекадагы же попечителдиктеги балдарды асырап алуу үчүн алардын ата-энеси жок болсо, опекундун же попечителдик кылуучунун кат жүзүндөгү макулдугу зарыл, ал эми мамлекеттик балдар мекемелериндеги балдарды асырап алуу үчүн балдар мекемесинин администрациясынын макулдугу керек.

Опекун (попечителдик кылуучу) баланын асырап алынышына макулдугун бербеген кезде бала асырап алуу жөнүндөгү маселе опека жана попечителдик кылуу органдары тарабынан чечилет.

Балдар мекемесинин администрациясы бала кабыл алынып жаткан кезде эле анын ата-энесинен келечекте баланы асыроого берүүгө макулдугун сурап билип калат.

**141-статья. Асырап алууну оформить этүүнүн тартиби**

Бала асырап алууну каалаган адам ал жөнүндө арызды опека жана попечителдик кылуучу органдарга берет.



Опека жана попечителдик кылуучу органдар баланы асырап алууну каалаган адамдын турмуш-абалы менен таанышып чыгууга, бала асырап алуу үчүн тоскоолдуктардын бар же жок экендигин, асыроо асыранды баланын кызыкчылыгына туура келерин келбесин текшерүүгө, баланы асырап алуучуга карата мамилесин билүүгө, бала асырап алуучуга зарыл болгон документтерди топтоого жардам берүүгө, материалдарды өзүнүн корутундулары менен эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетине откоруп берүүгө милдеттүү.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980 жыл, 29 апрелдеги Указынын редакциясында).

**142-статья. Бала асырап алууга уруксат берүүдөн отказ кылууга даттануу**

Бала асырап алууга эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин отказ кылган чечимине ал жөнүндө бала асырап алуу үчүн арыз берген адам эл депутаттарынын жогору турган Советинин аткаруу комитетине же Кыргыз ССР Министрлер Советине даттана алат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29 апрелдеги Указынын редакциясында).

**143-статья. Асырап алгандарды баланын ата-энеси катарында жазуу**

Бала асырап алгандардын өтүнүчтөрү боюнча туулгандыкты жазуу китебинде алар асыранды баланын ата-энеси катарында жазылышы мүмкүн.

Он жашка жеткен балдарды асырап алганда мындай жазууну жүргүзүү үчүн баланын макулдугу зарыл, бирок ушул Кодекстин 138-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн учурлар кирбейт.

Мындай жазуу тууралу бала асырап алуу жөнүндө эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин чечиминде көрсөтүлөт.

(3 бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980 жыл 29 апрелдеги Указынын редакциясында).

**144-статья. Асыранды баланын фамилиясын, атын, жана атасынын атын өзгөртүү**

Бала асырап алгандыгы жөнүндө чечим чыккан кезде асырап алуучунун өтүнүчү боюнча асыранды балага асырап алуучунун фамилиясы, жана анын аты боюнча атасынын аты берилиши мүмкүн. Баланы аял асырап алса ба

дандык абалдын актыларын каттоочу китадагы жазуулар менен тааныштырууга, алардан көчүрмө берүүгө жана баланы асырап алган адамдар асыранды баланын ата-энеси эмес экендигин көрсөтүүчү башка маалыматтарды берүүгө тыюу салынат.

Бала асырап алуунун жашырын сырын ачыкка чыгарган адамдар закон тарабынан белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.

### 151-статья. Баланын асырап алынышын анык эмес деп табуунун жана баланын асырап алынышын жокко чыгаруунун тартиби

Баланын асырап алынышын анык эмес деп табууга жана баланын асырап алынышын жокко чыгарууга **сот** тартибинде гана жол берилет.

Баланын асырап алынышын анык эмес деп таануу жана баланын асырап алынышын жокко чыгаруу жөнүндөгү иштер опека жана попечителдик кылуучу органдардын милдеттүү түрдө катышуусу менен каралат.

### 152-статья. Баланын асырап алынышын анык эмес деп табуу жөнүндө жана баланын асырап алынышын жокко чыгару тууралуу талап коюунун тартиби

Баланын асырап алынышын анык эмес деп табуу жана баланын асырап алынышын жокко чыгаруу тууралу талап бала асырап алган адамдарга карата коюлат.

Баласын асырап алган адамдын ким экендиги ата-энеге белгисиз болгон учурларда баланын асырап алынышын жокко чыгаруу жөнүндөгү талап бала асырап алуу жөнүндө чечим чыгарылган жердеги опека жана попечителдик кылуучу органдарга коюлат.

Иш козголгондугу жөнүндө бала асырап алган адам кабарландырылат, анын ишке кийлигишүүгө же өзүнүн таламдарын коргонуу опека жана попечителдик кылуучу органдарга тапшырууга укугу бар. Сот зарыл деп тапкан бардык учурларда бала асырап алган адамды да иш боюнча кошумча жоопкер катарында жоопко тартууга акылуу.

### 153-статья. Ата-энесинин талабы боюнча баланын асырап алынышын жокко чыгаруу

Ата-энесинин макулдугу керек болгон учурларда алардын макулдугусуз бала асыралып алынса, жана баланы ата-энесине кайтарып берүү баланын кызыкчылыгына



ылайык келе тургандыгын сот аныктаса, баланын ата-энесинин доосу боюнча анын асыралып алынышы сот тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн.

Асыранды бала он жашка толгон учурда ата-энесинин өтүнүчү боюнча баланын асырап алынышын жокко чыгарууга асыранды баланын макулдугу боюнча гана жол берилет.

### 154-статья. Бала асырап алган эрди-катындын биреөнүн талабы боюнча баланын асыралып алынышын жокко чыгаруу

Эгерде бала асырап алуу эрди-катындын биринин макулдугусуз жүргүзүлсө, бала асырап алган эрди-катындын экинчиси баланын асыралып алынышын жокко чыгарууну талап кылууга акылуу.

Эгерде асырап алууну жокко чыгаруу асыранды баланын кызыкчылыгына туура келбесе, ушул негиз боюнча баланын асыралып алынышын жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

### 155-статья. Опека, попечителдик кылуучу органдардын жана прокурордун талабы боюнча баланын асыралып алынышын жокко чыгаруу

Жашы жетпеген асыранды баланын кызыкчылыгы талап кыла турган болсо, опека жана попечителдик кылуучу органдар, ошондой эле прокурор каалаган убакта баланын асыралып алынышын жокко чыгаруу жөнүндө доо коюуга укуктуу.

### 156-статья. Баланын асырап алынышын жокко чыгаруунун натыйжалары

Баланын асыралып алынышы жокко чыгарылган кезде баланын ата-энесине жана тегн боюнча туугандарына карата анын бардык укуктары жана милдеттери кайра калыбына келтирилет жана аны асырап алган адамга жана анын туугандарына карата болгон бардык укуктары жана милдеттери күчүн жоготот. Бирок баланы багуу үчүн каражат төлөп турууга бала асырап алганды милдеттендирүүгө соттун укугу бар.

Баланын асырап алынышын жокко чыгаруу жөнүндө чечим чыгарган кезде, сот баланын кызыкчылыгына ылайык, баланы ата-энесине кайра берүү керекпи же опека жана попечителдик кылуучу органдардын попечениесине

өткөрүп берүү керекпи деген маселени аныктайт, ошондой эле бала он жашка чыккан болсо, асырап алынууга байланыштуу ага берилген атынын, атасынын атынын жана фамилиясынын, туулган жери жөнүндөгү жазууну сактоо-сактабоо маселеси анын каалоосун эске алуу менен чечилет.

Бала өз ата-энесинин тарбиясына кайтарылып берилсе, мурдагы асырап алган адам милдеттеринен бошотулат.

### 157-статья. Асырап алуунун жоюлуш убагы

Асырап алууну соттун жараксыз деп тапкан чечими күчүнө кирген убактан тартып баланы асырап алуу убагы жоюлат.

### 158-статья. Асыранды бала жашы жеткенден кийин асырап алууну жокко чыгарууга жол берилбестиги

Асырап алууну бузуу жөнүндөгү талап коюлган учурда асыранды баланын жашы жетилген болсо, асырап алууну бузууга жол берилбейт. Буга ата-энесинин, бала асырап алгандардын жана асыранды баланын өз ара макулдугу болгон учурлар кирбейт.

### 159-статья. Асырап алууну анык эмес деп табуу үчүн негиздер

Асырап алуу жөнүндөгү чечим жалган документтерге негизделген болсо, же жашы жеткен бала асыралып алынса, же ушул Кодекстин 135-статьясында көрсөтүлгөн негиздер боюнча асырап алуучу боло албай турган адам бала асырап алса, ошондой эле бала асырап алуу ушул Кодексте белгиленген мамилелерди түзүү максатында жүргүзүлбөсө жана андай мамилелер түзүлбөсө (бала жалган асыралган болсо), асырап алуу сот тарабынан анык эмес деп таанылышы мүмкүн.

Баланын асырап алынышын анык эмес деп таануу жөнүндөгү талапты баланын асыралып алынышында укугу эсепке алынбай калган адам, ошондой эле опека жана попечителдик кылуучу органдар жана прокурор коюуга укуктуу.

### 160-статья. Асырап алуунун анык эмес деп табылышынын натыйжалары

Баланын асырап алынышы анык эмес деп табылса, ал бала асырап алуу жөнүндө чечим чыккан убактан тартып анык эмес деп эсептелет. Бул учурда бала асырап алуучунун, анын туугандарынын жана асыранды баланын ор-



тосунда асырап алуудан келип чыгуучу укуктар жана милдеттер пайда болбойт.

Баланын асыралып алынышы анык эмес деп таанылган учурда баланын ата-энесине жана алардын туугандарына карата болгон баланын укугу жана милдеттери кайра калыбына келтирилет.

Бала соттун чечими боюнча өз ата-энесине кайтарылып берилет, эгерде мындай аракет баланын кызыкчылыгына карама-каршы келсе, анда бала опека жана попечителдик кылуучу органдарга өткөрүлүп берилет.

### 161-статья. Баланын асыралып алынышын анык эмес деп табуу жөнүндөгү же баланын асыралып алынышын жокко чыгаруу жөнүндөгү граждандык абалдын актыларын жазуучу органдарга билдирүүгө соттун милдеттүүлүгү

Баланын асыралып алынышын анык эмес деп табуу жөнүндөгү же баланын асыралып алынышын жокко чыгаруу жөнүндөгү соттун чечимдери закондуу күчүнө кирген кезде чечимдин көчүрмөсүн сот баланын асыралып алынышы жөнүндө чечим кабыл алган эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетине жана баланын асыралып алынышы катталган граждандык абалдын актыларын жазуучу органга жиберет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында.)

# IV БОЛУМ

# ОПЕКА ЖАНА ПОПЕЧИТЕЛДИК КЫЛУУ

## 15-ГЛАВА

## ОПЕКА ЖАНА ПОПЕЧИТЕЛДИК КЫЛУУ

### 162-статья. Опека жана попечителдик кылууну белгилөөнүн максаттары

Ата-энеси өлүп калгандыгына, ата-энесинин ата-энелик укуктарынан ажыратылышына, ата-энесинин оорун калышына байланыштуу же башка себептер менен ата-энесинен кароосуз калган жашы жетпеген балдарды тарбиялоо

үчүн, ошондой эле ал балдардын өздүк жана мүлктүк укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо үчүн опека жана попечителдик кылуу белгиленет.

Ошондой эле ден соолук абалы боюнча өз укуктарын өз алдынча ишке ашыра албаган жана өз милдеттерин аткара албаган жашы жеткен адамдардын өздүк жана мүлктүк укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо үчүн да опека жана попечителдик кылуу белгиленет.

### 163-статья. Опека белгилөөчү адамдар

Он беш жашка чыга элек жашы жетпегендерге, ошондой эле жин оорулуулугунун же кем акыл болушунун натыйжасында сот тарабынан аракет-жөндөмдүүлүгү жок деп таанылган адамдарга опека белгиленет.

### 164-статья. Попечителдик кылуу белгиленүүчү адамдар

Попечителдик кылуу он беш жаштан тартып он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендерге белгиленет.

Ден соолук абалы боюнча өз укуктарын өз алдынча ишке ашыра албаган жана өз милдеттерин аткара албаган, ошондой эле спирттик ичимдиктерди же наркотикалык заттарды керектөөгө берилип кеткендигинен сот тарабынан аракет-жөндөмдүүлүгү чектелген жашы жеткен граждандардын үстүнөн да попечителдик кылуу белгиленет.

### 165-статья. Дайынсыз жок болгон деп таанылган адамдардын мүлкүнө опека кылуу

Дайынсыз жок болгон деп таанылган адамдын мүлкүнө опека кылуу Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 19-статьясында көрсөтүлгөн учурларда жана тартипте белгиленет.

### 166-статья. Опека жана попечителдик кылуу органдары

Опека жана попечителдик кылуу органдары эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук, поселкалык же айылдык Советтеринин аткаруу комитеттери эсептелет.

Опека жана попечителдик кылуу боюнча функцияларды иш жүзүнө ашыруу жашы жетпеген балдарга карата элге билим берүү бөлүмдөрүнө, сот тарабынан аракет жөндөмдүүлүгү жок же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган адамдарга карата саламаттык сактоо бөлүмдөрүнө жана ден соолук абалы боюнча попечителдик



кылууга муктаж болгон аракет жөндөмдүүлүгү бар адамдарга карата социалдык камсыздоо бөлүмдөрүнө жүктөлөт.

Опека жана попечителдик кылуу органдары жөнүндөгү Жобо Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан бекитилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 167-статья. Опеканы жана попечителдик кылууну белгилөөчү органдар

Опека жана попечителдик кылуу эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук, поселкалык же айылдык Советинин аткаруу комитети тарабынан белгиленет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 168-статья. Опеканы жана попечителдик кылууну белгилөөчү орун

Опека жана попечителдик кылуу опекага же попечителдикке алынууга тиешелүү болгон адамдардын жашап турган жери боюнча же опекундун (попечителдик кылуучунун) жашап турган жери боюнча белгиленет.

### 169-статья. Опека жана попечителдик кылуу органдарынын иштерине жетекчилик кылуу жана контролдук жүргүзүү

Опека жана попечителдик органдарынын иштерине жетекчилик кылуу жана контролдук жүргүзүү жогору турган эл депутаттарынын Советтеринин аткаруу комитеттери жана Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан жүзөгө ашырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 170-статья. Опекага алынган адамдын жашап турган жеринен башка жердеги мүлкүнө опека кылуу

Эгерде опекага алынган же попечителдик белгиленген адамдын турган жеринен башка жерде мүлкү болсо, анда ал мүлктү сактоо жана башкаруу жагы мүлктүн турган жери боюнча опека жана попечителдик кылуу органдарына жүктөлөт.

**171-статья. Опекун же попечителдик кылуучу тарабынан келтирилген мүлктүк зыянды төлөтүү**

Опека жана попечителдик кылуу органдары, ал эми опека жана попечителдик кылуу токтотулгандан кийин опека жана попечителдикке алынган адамдар опекундан же попечителден ага карата опекундун милдеттерин ак ниеттүүлүк менен же так аткарылбагандыктан келтирилген мүлктүк зыяндарды төлөп берүүнү талап кылууга акылуу.

**172-статья. Опека жана попечителдик кылуу дайындалганга чейин опекага жана попечителдикке алынуучулардын мүлктөрүн сактоо**

Опека жана попечителдик кылуу органдары опека же попечителдик кылуу дайындалганга чейин опекага же попечителдикке алынуучулардын мүлктөрүн сактоо чараларын көрүүгө милдеттүү.

**173-статья. Опекага же попечителдикке алынууга муктаж болгон жашы жетпегендер жөнүндө билдирүүгө милдеттүүлүк**

Ата-энесинен кароосуз калган он сегиз жашка жетпеген балдар жөнүндө билген мекемелер жана адамдар алардын опекага же попечителдикке алынууга муктаждыгын балдардын жашап турган жериндеги опека жана попечителдик кылуу органдарына билдирүүгө милдеттүү.

**174-статья. Соттун опека жана попечителдик кылуу белгиленишинин зарылдыгы жөнүндө опека жана попечителдик кылуу органдарына билдирүүгө милдеттүүлүгү**

Адамды аракет-жөндөмдүүлүгү жок же аракет-жөндөмдүүлүгү чектелген деп таануу жөнүндө чечим чыгарган сот ошол чечим закондуу күчүнө киргенден кийин үч күндөн кечиктирбестен, ал чыгарылган чечим жөнүндө аракет-жөндөмдүүлүгү жок же аракет-жөндөмдүүлүгү чектелген деп таанылган адамдын турган жеринде анын үстүнөн опека же попечителдик кылууну белгилөө үчүн опека жана попечителдик кылуу органдарына билдирүүгө милдеттүү.



**175-статья. Опекага алынууга жана попечителдик кылууга муктаж болгон жашы жетпегендерди убактылуу камсыз кылуу боюнча опека жана попечителдик кылуу органдарынын милдеттери**

Ата-энесинен кароосуз калган балдар жөнүндөгү маалыматтарды алаары менен опека жана попечителдик кылуу органдары текшерүү жүргүзүүгө жана ата-энесинин кароосуз калгандыгын аныктагандан кийин опекага алууну же попечителдик белгиленүү жөнүндөгү маселе чечилгенге чейин жашы жетпегендин убактылуу жайгаштырууну камсыз кылууга милдеттүү.

**176-статья. Ата-энесинин тирүү кезинде эле жашы жетпегенге опекун же попечителди дайындоо**

Бала ата-энеси менен бирге жашабаса жана ата-энеси аны тарбиялоо милдетинен баш тартса, балага опека жана попечителдик кылуу белгиленет. Бул учурда опека жана попечителдик кылуу органдары баланын ата-энесин ата-энелик укуктарынан ажыратууну сот аркылуу талап кылууга акылуу.

Жүйөөлүү себептер боюнча ата-энеси убактылуу болбогон кезде (командировкада болсо, оорулуу калса ж. у. с.) бала ата-энеси тарабынан туугандарынын же башка жакын адамдарынын кароосуна жана көзөмөлүнө калтырылса, ага опека жана попечителдикти дайындоонун зарылдыгы болбойт. Ата-энеси алты айдан ашык убакыт болбогон кезде балдардын кызыкчылыгы үчүн зарыл болсо, аларга опека жана попечителдик кылуу белгиленет.

**177-статья. Жашы жеткендердин өтүнүчү боюнча аларга попечителдик кылууну белгилөө**

Өзүнүн ден соолугуна байланыштуу өз укугун өз алдынча коргой албаган жана милдеттерин аткара албаган жашы жеткен, аракет-жөндөмдүүлүгү бар адамдарга попечителдик кылуу ал адамдардын суроосу боюнча гана дайындалышы мүмкүн.

**178-статья. Опекунду же попечителди дайындоо**

Опека жана попечителдик кылуу органдары опека жана попечителдик кылууну түздөн-түз өз алдынча иш жүзүнө ашырып туруу үчүн опекага алынуучуга жакын адамдардан же ал үчүн коомдук уюмдар тарабынан өө-

лүнгөн адамдардан, же болбосо башка адамдардан да опекунду же попечителди дайындашат.

Опекун же попечителдик кылуучу өзүнүн макулдугу менен гана дайындалышы мүмкүн.

Опекун же попечитель опека жана попечителдик кылуу органдарына опека жана попечителдик кылууну белгилөө зарылдыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып бир айдан кечиктирилбеген мөөнөттө дайындалууга тийиш.

### 179 - с т а т ь я. Опекунду жана попечителди тандоо

Опекунду же попечителди тандаган кезде анын өздүк сапаттары, бул милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүгү, аны менен опекага же попечителдик кылууга муктаж болгон адамдын ортосунда болгон мамилелер, ошондой эле эгерде мүмкүн болсо, попечителдикке алынууга муктаж болгондун каалоосу эске алынууга тийиш. Ден соолугуна байланыштуу өзүнүн укугун өз алдынча коргой албаган жана өз милдетин аткара албаган жашы жеткен жөндөмдүү адамга попечителдикке алынууга муктаж болгон попечитель анын макулдугу менен гана тандап алынышы мүмкүн.

### 180 - с т а т ь я. Опекундукка жана попечителдикке дайындала албай турган адамдар

Опекундукка жана попечителдикке төмөндөгүлөрдү дайындоого болбойт:

18 жашка толбогон адамдар;

сот тарабынан жөндөмдүүлүгү жок же жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган адамдар;

ата-энелик укугунан сот тарабынан ажыратылган адамдар;

өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди тийиштүү даражада аткарбагандыгы үчүн опекундук же попечителдик кылуу милдеттеринен четтетилген адамдар;

бала асырап алып, бирок асыранды балага карата өз милдеттерин тиешелүү даражада аткарбагандыгынын натыйжасында асырап алуу укугу жокко чыгарылган адамдар.

### 181 - с т а т ь я. Опекундардын жана попечителдик кылуучулардын иштерине контролдук кылуу

Опекундардын жана попечителдердин иштерине контролдук кылуу попечениеге алынгандардын турган жериндеги опека жана попечителдик кылуу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.



Контролдукту жүзөгө ашыруунун тартиби жана формасы опека жана попечителдик кылуу органдары жөнүндөгү Жобонун негизинде жүргүзүлөт.

### 182 - с т а т ь я. Мамлекеттик мекемелердин же коомдук уюмдардын тарбиясында же кароосунда турган адамдарга опека жана попечителдик кылуу

Балдар мекемелеринде тарбияланып жаткан балдарга, ошондой эле опекага же попечителдикке алынууга муктаж болгон жашы жеткен адамдар тиешелүү мекемелерге жайгаштырылган болсо, алардын үстүнөн опекундар жана попечителдер дайындалбайт. Бул адамдарга карата опекундук жана попечителдик кылуучулардын милдеттерин аткаруу алар кароосунда турган мекемелердин администрацияларына жүктөлөт.

Бул адамдардын мүлктүк кызыкчылыктарын коргоо үчүн (пенсияларын алуу, мүлкүн башкаруу ж. у. с.) зарыл учурларда алардын мүлкүнө опекун дайындалышы мүмкүн.

### 183 - с т а т ь я. Опекундун жана попечителдик кылуучунун жашы жетпегендерди тарбиялоо жана алардын укуктарын коргоо боюнча милдеттери

Жашы жетпегендердин опекундары жана попечителдери өзүнүн кароосуна алгандарын тарбиялоого, алардын дени сак өсүшү жана окуусу жөнүндө камкордук көрүүгө, коомдук пайдалуу эмгекке даярдоого, социалисттик коомдун татыктуу мүчөлөрү кылып өстүрүүгө, алардын укуктарын жана талаптарын коргоого милдеттүү.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 184 - с т а т ь я. Опекундардын жана попечителдердин өздөрү кароосуна алган жашы жеткен адамдардын таламдарын жана укуктарын коргоо боюнча милдеттери

Опекундар жана попечителер өздөрүнүн опекасына же попечителдигине алынган жашы жеткен адамдар жөнүндө, бул адамдарга зарыл болгон турмуш-тиричилик шарттарын түзүү, аларды тейлөө жана дарылоону камсыз кылуу жөнүндө кам көрүүгө, алардын укуктары менен таламдарын коргоого милдеттүү.

Жин оорулуунун опекундары мындан тышкары өзүнүн кароосундагы адамга медициналык жардамдын үзгүлтүк-

сүз дайыма жүргүзүлүшүнө да көз салып турууга милдеттүү.

Аракет-жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган адамдарга попечителдик кылуунун милдеттери Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 15-статьясына ылайык белгиленет.

### 185-статья. Опекундун (попечителдин) жана опекага алынгандардын бирге жашап турууга милдеттүүлүгү

Опекун жана попечитель өзүнүн кароосуна алынган адам менен бирге жашап турууга милдеттүү.

Эгерде айрым туруу опекага алынган адамдын тарбиясына жана анын укуктары менен таламдарын коргоого терс таасир тийгизбесе, айрым учурларда опека жана попечителдик кылуу органдары тарабынан он алты жашка толгон опекага алынган адам менен попечителдин айрым жашашына уруксат берилиши мүмкүн.

Жашоо ордунун алмашылышы жөнүндө опекун жана попечитель опека жана попечителдик кылуу органдарына дайыма билдирип турууга милдеттүү.

Попечителдердин өздөрүнүн попечениесиндеги аракет-жөндөмдүүлүгү бар граждандар жана аракет-жөндөмдүүлүгү сот тарабынан чектелген деп табылган адамдар менен бирге жашап турушу милдеттүү түрдө зарыл эмес.

### 186-статья. Балдарды законсуз кармап турган адамдардан аларды өздөрүнө кайтарып берүүнү талап кылууга опекундун жана попечителдин укугу

Опекун жана попечитель өзүнүн опекасында жана попечениесиндеги балдарды законсуз кармап турган адамдардан кайтарып берүүнү сот аркылуу талап кылууга акылуу.

### 187-статья. Опекага алынган жин оорулуу адам айыгып кеткен учурда опеканы алып таштоо жөнүндө өтүнүч кылууга опекундун милдеттүүлүгү

Жин оорулуунун опекуну өзүнүн опекасындагы адам айыгып кеткен учурда аны аракет жагынан жөндөмдүү деп таануу жөнүндө жана андан опеканы алып таштоо тууралу өтүнүч менен сотто иш козгоого милдеттүү.



### 188-статья. Опекундардын жана попечителдердин граждандык-укук милдеттери

Опекундар өздөрүнүн опекасына алынгандардын законду өкүлү болуп саналат жана алардын атынан алардын кызыкчылыктарына ылайык зарыл болгон бардык мүмкүндүктөрдү жасайт.

Попечителдер попечениесинде болгон адамдарга өз укуктарын жүзөгө ашырууда жана өз милдеттерин аткарууда көмөк көрсөтөт жана аларды үчүнчү тараптын кыянаттыгынан коргойт.

Он бештен он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендердин попечителдери алардын жашы жетпегендер закон боюнча өз алдынча жасоого укугу болбогон бүтүмдөрдү жасоого макулдугун беришет.

Аракет-жөндөмдүүлүгү чектелген адамдардын попечителдери бул адамдардын өздөрүнө тиешелүү болгон төлөөлөрүн алууга жана алган акча суммаларын жана башка мүлктөрүн башкарууга Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 15-статьясына ылайык макулдугун беришет.

### 189-статья. Ата-энелер жана бала асыроочулар өздөрүнүн балдарынын опекундары жана попечителдери катарында

Ата-энелер жана бала асыроочулар атайын дайындоосуз эле өздөрүнүн жашы жетпеген балдарынын опекундары жана попечителдери болуп эсептелишет.

### 190-статья. Опека жана попечителдик кылуу органдарынын алдын ала уруксаты талап кылынуучу бүтүмдөр

Опека жана попечителдик кылуу органдарынын алдын-ала уруксаты болмоюнча тиричилик бүтүмдөрүнөн башка бүтүмдөрдү опекага алынган адамдын атынан жасоого опекундун укугу жок, ал эми попечителдин буга макулдугун берүүгө акысы жок. Атап айтканда, нотариус күбөлөндүрүүнү жана атайын каттоону талап кылуучу договорлорду түзүү, опекага алынган адамга таандык болгон укуктардан отказ кылуу, мүлктү бөлүү, турак жай аянтын бөлүү же алмаштыруу, мүлктү алып коюу үчүн опека жана попечителдик кылуу органдарынан алдын ала уруксат талап кылынат.

Опекага алынган адамдардын таламдарын коргоо зарылдыгына ылайык, опека жана попечителдик кылуу органдары опекага алынган адамдын салымын (вкладын) башкаруу жагынан ата-энелердин бирөөнүн же опекундун укугун чектөөгө акылуу.

### 191-статья. Опекун жана попечитель жасоого укугу болбогон бүтүмдөр

Опекун жана попечитель, алардын аялдары же күйөөлөрү жана жакын туугандары опекага алынган адам менен бүтүм кылууга акысы жок, ошондой эле опекага алынган адам менен опекундун же попечителдин аялынын же күйөөсүнүн жана жакын туугандарынын ортосунда бүтүм түзгөн же соттук иштерди жүргүзгөн кезде анын опекасында жана попечениесинде болгон адамдын атынан өкүлдүккө акысы жок.

Опекага алынган адамдын атынан белек кылуу договорун түзүүгө опекунга уруксат берилбейт.

### 192-статья. Опекундук жана попечителдик милдеттердин акысыз аткарылышы

Опекага жана попечителдик кылуу боюнча милдеттер акысыз аткарылат.

Опекага алынган адамдын мүлкү кирешe берип турса, опека жана попечителдик кылуу органдары сарп кылынуучу эмгекти жана алынган кирешенин көлөмүнө жараша опекунга же попечителге акы төлөөнү белгилеши мүмкүн.

### 193-статья. Опекага алынгандарды багуу

Опекун жана попечитель өзүнүн опекасы жана попечениесине алынган адамдарды багууга милдеттүү эмес.

Опекага алынган адамды багууга опекун же попечитель тарабынан жумшалган чыгымдар ушул Кодекстин 194-статьясында белгиленген тартипте опекага алынган адамдын каражаттарынан кайтарып алынат.

Опекага алынган адамды багууга жетиштүү каражаттар болбогондо опека жана попечителдик кылуу органдары аны багууга пособие белгилейт.

### 194-статья. Опекага алынгандардын күндөлүк кирешелерин башкаруу

Пенсия, пособие, алименттер жана башка күндөлүк түшүүчү каражаттар катарында опекага алынган адамга тиешелүү суммалар опекундун же попечителдин карамагына келип түшөт жана ал каражаттар опекага алынгандарды багууга жумшалат.

Он беш жаштан он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендер эмгек акыларын, стипендияларын, өзүлөрүнүн авторлук жана ойлоп чыгаруучулук уктарын жүзөгө ашыруунун натыйжасында алган акыларын Кыргыз ССРинин



Граждандык кодексинин 13-статьясынын эрежелерине ылайык өз алдынча сарптоого акылуу.

Ден соолугуна байланыштуу попечителдин карамасында турган жашы жеткен жана аракет-жөндөмдүүлүгү бар адамга тиешелүү суммаларды попечитель анын макулдугу менен гана чыгымдай алат.

### 195-статья. Опекага алынгандардын мүлкүн башкаруу

Опекага алынгандардын мүлкүн башкаруунун тартиби аларга таандык болгон мүлкү, акча суммаларын жана башка баалуу мүлктөрдү сактоонун жана аларды алып коюунун, мүлктү сактоого жана башкарууга байланыштуу болгон башка аракеттерди жасоонун шарттары жана тартиби ошондой эле опекага алынгандардын мүлктөрүн башкаруу жана сактоо боюнча опекундардын жана попечителдердин отчетунун тартиби жана формасы опека жана попечителдик кылуу органдары жөнүндөгү Жобо тарабынан белгиленет.

### 196-статья. Опекундардын жана попечителдердин аракеттери жөнүндө даттануу

Ар кандай адам, алардын ичинде опекага алынгандар да, опекундардын жана попечителдердин аракеттери жөнүндө опекага алынгандын турган жериндеги опека жана попечителдик кылуу органдарына даттана алышат.

### 197-статья. Опекундук жана попечителдик милдеттерди аткаруудан бошотуу

Балдарды ата-энесинин тарбиясына кайтарып берген учурда, балдарды асырап алып кетсе же болбосо опекага же попечителдикте болгон адам мамлекеттик же коомдук мекемелерге жайгаштырылса опека же попечителдик кылуу органдары опекунду же попечителди өздөрүнүн милдеттерин аткаруудан бошотот.

Опека жана попечителдик кылуу органдары опекундун же попечителдин өз милдетин аткаруудан бошотуу жөнүндөгү өтүнүчүнүн себептерин жүйөлүү деп тапса (опекун же попечитель оорун калса, алардын материалдык шарттары өзгөрсө, опекага алынган адам менен зарыл байланыш болбой калса ж. у. с.), алар өздөрүнүн өтүнүчү боюнча өз милдеттерин аткаруудан бошотулушу мүмкүн.

# V БӨЛҮМ

# ГРАЖДАНДЫК АБАЛДЫН АКТЫЛАРЫ

## 16-ГЛАВА

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 205-статья. Граждандык абалдын актыларын каттоо

Граждандык абалдын актыларын каттоо мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыктарын, ошондой эле граждандардын өздүк жана мүлктүк укуктарын жана таламдарын коргоо максаттарында белгиленет.

Төрөлгөндүгү, өлгөндүгү, никелешкендиги, никеден ажырашкандыгы, бала асырап алгандыгы, атасы ким экендигин аныктоо, атын, атасынын атын жана фамилиясын өзгөртүү граждандык абалдын актыларын жазуучу мамлекеттик органдарда катталууга тийиш.

### 206-статья. Граждандык абалдын актыларын каттоочу органдар

Граждандык абалдын актыларын каттоо эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советтеринин аткаруу комитеттеринин граждандык абалдын актыларын жазуу бөлүмдөрүндө (бюроларунда), ал эми поселкаларда жана калк жашаган айылдык жерлерде эл депутаттарынын поселкалык жана айылдык Советтеринин аткаруу комитеттеринде жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 207-статья. Граждандык абалдын актыларын каттоочу органдардын аткаруучу милдеттери

Эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советтеринин аткаруу комитеттеринин граждандык абалдын актыларын жазуу бөлүмдөрү (бюролору) төрөлгөндүктү, никелешүүнү, никеден ажырашууну, бала асырап алууну (кыз асырап алууну), аталыкты аныктоону, фамилиясын, атын жана атасынын атын өзгөртүүнү, өлгөндүктү каттоону жүргүзөт, граждандык абалдын актыларын жазууну өзгөртөт, толуктайт, ондойт жана жоёт, жоголгон жазууларды калыбына келтирет, акты китепчелерин сактайт жана күбөлүктөрдү кайталап берүүнү жүргүзөт.



Эл депутаттарынын поселкалык жана айылдык Советтеринин аткаруу комитеттери төрөлгөндүктү, никелешүүнү, никеден ажырашууну, аталыкты аныктоону, өлгөндүктү каттоону жүргүзөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 208-статья. Акт китепчелери. Граждандык абалдын актыларын каттоонун эрежелери

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закон Негиздерине ылайык граждандык абалдын актыларынын жазылышын өзгөртүүнүн, калыбына келтирүүнүн жана жоюунун тартибин белгилөөчү Негизги жоболор, ошондой эле граждандык абалдын актыларын каттоо китепчелеринин формалары жана да бул китепчелердеги жазуулардын негизинде берилүүчү күбөлүктөрдүн формалары, актылык китепчелерди сактоонун тартиби жана мөөнөттөрү СССР Министрлер Совети тарабынан белгиленет.

Граждандык абалдын актыларын каттоонун эрежелери Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан бекитилүүчү Инструкцияда белгиленет.

(1-бөлүгү, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 209-статья. Граждандык абалдын актыларын жазууну жүргүзүү үчүн көрсөтүлүүчү документтер

Граждандык абалдын актыларын жазууну жүргүзгөн кезде граждандык абалдын актыларын жазуучу органдарда каттоого тиешелүү болгон фактыларды ырастоочу документтер жана да кайрылуучулардын өзүн күбөлөндүрүүчү документтер көрсөтүлүүгө тийиш.

Граждандык абалдын актыларын жазууну жүргүзүү үчүн зарыл документтердин тизмеси граждандык абалдык актыларын каттоонун тартиби жөнүндөгү Инструкция тарабынан белгиленет.

### 210-статья. Граждандык абалдын актыларын жазууну жүргүзүү

Граждандык абалдын актыларын каттоочу китепчеге киргизилген ар бир жазуу кайрылган адамдарга окулуп берилүүгө, жазууну жүргүзгөн кызмат адамы тарабынан кол коюлууга жана печать басылууга тийиш.

Граждандык абалдын актыларын жазуунун жүргүзүлгөндүгү жөнүндө кайрылуучу тиешелүү күбөлүк берилет.

**211-статья. Граждандык абалдын актыларын жазуунун тууралыгын талашуу тартиби**

Жетиштүү негиздер болгондо жана кызыкчылыгы бар адамдардын ортосунда талаштар болбосо, граждандык абалдын актыларындагы жазуулардагы каталарды оңдоо жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү граждандык абалдын актыларын жазуу органдары тарабынан жүргүзүлөт. Граждандык абалдын актыларын жазуу органдары жазууларды оңдоодон же өзгөртүүдөн отказ кылса алардын аракеттери жөнүндө сотко даттанууга болот.

Кызыкчылыктары бар адамдардын ортосунда талаштар келип чыкса, жазууларды оңдоо соттун чечиминин негизинде жүргүзүлөт.

**212-статья. Граждандык абалдын актыларын жазуучу органдардын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги**

Граждандык абалдын актыларын каттоодон негизсиз отказ кылгандыгы үчүн, ошондой эле каттоону билип туруп туура эмес жүргүзүп, мамлекеттик же коомдук кызыкчылыктарга, же болбосо граждандардын закон тарабынан корголуучу укуктарына, таламдарына зыян келтирилгендиги үчүн, бала асырап алуунун жашыруун сырын ашкерелегендиги үчүн граждандык абалдын актыларын жазуу органдарынын кызмат адамдары закондо белгиленген тартипте жоопко тартылууга тийиш.

**213-статья. Мамлекеттик пошлина**

Төрөлгөндүктү, өлгөндүктү, бала асырап алгандыкты (кыз асырап алгандыкты) жана аталыкты аныктоону граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында каттоо, аталыкты аныктоо, бала асырап алуу (кыз асырап алуу) учурларында туулгандыгы тууралу, ошондой эле граждандык абалдын актыларын каттоо кезинде жиберилген каталыктарга байланыштуу актыларын жазууларын өзгөртүүдө, толуктоодо жана оңдоодо күбөлүктөрдү берүү СССР закондоруна ылайык мамлекеттик пошлина алынбастан жүргүзүлөт.

Никелешүүнү, никеден ажырашууну, фамилиясын, атын жана атасынын атын өзгөртүүнү каттагандык үчүн, ошондой эле төрөлгөндүк, никелешүү, никеден ажырашуу жана өлгөндүк жөнүндө актылардагы жазууларды өзгөртүүгө, толуктоого, оңдоого жана калыбына келтирүүгө байланыштуу күбөлүк бергендик жана граждандык абалдын



актыларын каттоо жөнүндө кайталап күбөлүк бергендик үчүн СССР Министрлер Совети тарабынан белгиленген өлчөмдө мамлекеттик пошлина алынат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл, 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 17-ГЛАВА

## ТӨРӨЛГӨНДҮКТҮ КАТТОО

**214-статья. Төрөлгөндүктү каттоо тартиби**

Төрөлгөндүктү каттоо граждандык абалдын актыларын жазуучу органдарда баланын төрөлгөн жеринде же анын ата-энесинин же болбосо алардын биринин турган жеринде жүргүзүлөт.

Граждандык абалдын актыларын жазуу органдары төрөлгөндүктү жазууну салтанаттуу шарттарда жүргүзүүнү камсыз кылат.

**215-статья. Төрөлгөндүктү каттоо жөнүндө билдирүү**

Төрөлгөндүк жөнүндөгү билдирүү ооз эки же кат жүзүндө ата-энелер же алардын бирөө тарабынан, ал эми ата-энелери ооруп же өлүп калган учурларда, же болбосо башка себептер менен алардын билдирүүгө мүмкүндүгү болбосо, туугандары же бала төрөлгөндө энеси жактан медициналык мекемени администрациясы, ошондой эле башка адамдар тарабынан жасалат.

**216-статья. Төрөлгөндүк жөнүндө билдирүүнүн мөөнөттөрү**

Төрөлгөндүк жөнүндө билдирүү бала төрөлгөндөн кийин бир айдан кечиктирилбестен, ал эми бала өлүү төрөлсө, үч суткадан кечиктирилбестен жасалууга тийиш.

**217-статья. Баланын фамилиясын, атын, атасынын атын жана ата-энеси жөнүндөгү маалыматтарды жазуунун тартиби**

Баланын төрөлгөндүгүн каттоодо анын фамилиясын, аты жана атасынын аты, ошондой эле анын ата-энеси жөнүндөгү маалыматтар ушул Кодекстин 67, 69—72-статьяларында каралган эрежелерге ылайык жазылат.

Аталык аныкталбаган учурларда баланын атасынын улуту энесинин көрсөтүүсү боюнча жазылат.

**218-статья. Никеден ажырашкандан, нике анык эмес деп табылгандан же атасы өлгөн учурдан кийин төрөлгөн балдарды каттоо**

Никеде турган кезде боюна бүтүп, бирок никеден ажырашкандан кийин, же нике анык эмес деп табылгандан кийин, же энеси менен катталган никеде турган адам өлгөндөн кийин туулган баланы каттоо, эгерде никеден ажырашкан күндөн тартып, нике анык эмес деп табылган, же болбосо атасы өлгөн күндөн тартып бала төрөлгөн күнгө чейин он айдан ашпаган убакыт өтсө, ата-энеси никеде турган баланы каттагандай эле тартипте жүргүзүлөт.

## 18-ГЛАВА

## ӨЛГӨНДҮКТҮ КАТТОО

**219-статья. Өлгөндүктү каттоо тартиби**

Өлүктү каттоо ал адамдын өлгөн жериндеги же анын өлгөнгө чейин жашап турган жериндеги граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында жүргүзүлөт.

Адамды өлдү деп жарыялоо же өлгөндүктүн фактысын аныктоо жөнүндө соттун чечими боюнча өлгөндү каттоо ошол чечимди чыгарган соттун турган жериндеги граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында жүргүзүлөт.

**220-статья. Өлгөндүк жөнүндө билдирүү**

Өлгөндүк жөнүндө билдирүү өлгөндүн туугандары, коңшулары турак жай-эксплуатациялык уюмдардын кызматкерлери, ошондой эле адам өлгөн медициналык мекеменин администрациясы жана башка адамдар тарабынан жасалышы мүмкүн.

**221-статья. Өлгөндү каттоо жөнүндө билдирүү мөөнөтү**

Адам өлгөн күндөн же өлгөн адам табылган убакыттан кийин үч суткадан кечиктирилбестен өлгөндүк жөнүндө билдирүү жасалууга тийиш.

## 19-ГЛАВА

## НИКЕНИ КАТТОО

**222-статья. Никени каттоо орду**

Граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында никени каттоо никелешүүчүлөрдүн биринин же алардын ата-энелеринин жашап турган жеринде жүргүзүлөт.



**223-статья. Никелешүү жөнүндө арыз**

Никелешүүнү каалагандар ушул Кодекстин 222-статьясында көрсөтүлгөн граждандык абалдын актыларын жазуу органдарынын бирине өздөрүнүн каалоосу боюнча арыз беришет.

Никелешүүгө ушул Кодекстин 17—19-статьяларында каралган тоскоолдуктардын жок экендигин, ошондой эле алардын ар кимиси мурда никеде болгон же болбогондугун жана балдары бар же жоктугун арызында көрсөтүүлөрү тийиш.

**224-статья. Никелешүүчүлөрдү никени каттоонун шарттары жана тартиби, алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштыруу**

Арызды кабыл алган граждандык абалдын актыларын жазуу органы никени каттоонун шарттары жана тартиби менен никелешүүчүлөрдү тааныштырууга, ден соолук жана үй-бүлөлүк абалы жагынан бул адамдар өз ара тааныштыктарын, ошондой эле келечектеги эрди-катын жана ата-эне катарында алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүүгө, никелешүүгө тоскоолдук болуучу жагдайларды жашыргандыктары үчүн жоопту болушаары жөнүндө аларга эскертүүгө милдеттүү.

**225-статья. Никени каттоо**

Никени каттоо күнү никелешүүчү адамдардын макулдугу боюнча дайындалат.

Никени каттоо күнү дайындалган кезде алардын салтанаттуу шартта никелешүүнү каалагандыктары аныкталат.

Никени жазуу никелешүүчүлөрдүн катышуусу менен жүргүзүлөт.

**226-статья. Никелешүүнү каттоого болбой турган тоскоолдуктар жөнүндө билдирүү**

Эгерде граждандык абалдын актыларын жазуу органдарына никени каттоого чейин никелешүүгө болбой турган закондуу тоскоолдуктар жөнүндө билдирүү келип түшсө, никени каттоо тиешелүү текшерүүнү жүргүзгөнгө чейин бир айдан ашпаган мөөнөткө кийинкиге калтырылат.

**227-статья. Никелешкендик жөнүндө эрди-катындын документтерине жазуу**

Никенин катталгандыгы жөнүндө граждандык абалдын актыларын жазуу органы никелешкендердин паспортторуна же өзүн күбөлөндүрүүчү башка документтерине белги

коёт, ал белгиде ар биринин документине экинчисинин фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы, нике катталган жер жана убактысы көрсөтүлөт.

## 20-ГЛАВА

# НИКЕДЕН АЖЫРАШУУНУ КАТТОО

### 228-статья. Никеден ажырашууну каттоо орду

Никеден ажыраштырууну каттоо эрди-катындын же алардын биринин жашап турган жериндеги граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында жүргүзүлөт.

### 229-статья. Соттун чечиминин негизинде никеден ажырашууну каттоо

Соттун чечиминин негизинде никеден ажыратууну каттоо эрди-катындын биринин же экөөнүн тең арызы боюнча граждандык абалдын актыларын жазуу органы тарабынан жүргүзүлөт.

Эрди-катындын бирөөнүн гана арызы боюнча ажырашууну каттаган учурда нике жоюлду деп эсептелет, бирок никеден ажырашуу жөнүндө күбөлүктү алганга чейин эрди-катындын экинчиси жаңыдан никелешүүгө акысы жок.

### 230-статья. Эрди-катындын өз ара макулдугу боюнча никеден ажырашууну каттоо

Жашы жетпеген балдары болбогон эрди-катындын өз ара макулдугу боюнча никеден ажырашууну каттоо ажырашуу жөнүндө алардын биргелешип берген арызынын негизинде граждандык абалдын актыларын жазуу органы тарабынан жүргүзүлөт. Өздөрүнүн арызында эрди-катын никеден ажырашуута өз ара макул болгондуктарын жана жашы жетпеген балдары жок экендигин ырастоого милдеттүү.

Ажырашууну каттоо эрди-катын арыз берген күндөн баштап үч айлык мөөнөт өткөндөн кийин жүргүзүлөт.

Эгерде эрди-катындын бирөө жүйөөлүү себептер менен граждандык абалдын актыларын жазуу органына келе албаса жана никеден ажырашууга анын макулдугун ырастоочу тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн арызы болсо, никеден ажырашууну каттоо эрди-катындын бирөөнүн катышуусуз эле жүргүзүлүшү мүмкүн.



### 231-статья. Эрди-катындын бирөөнүн арызы боюнча никеден ажырашууну каттоо

Ушул Кодекстин 49-статьясында көрсөтүлгөн жагдайлар боюнча никеден ажырашууну каттоо эрди-катындын бирөөнүн арызы боюнча жүргүзүлөт.

Берилген арыз жөнүндө камактагы күйөөсүнө же аялына, же болбосо жөндөмдүүлүгү жок күйөөсүнүн же аялынын опекунуна билдирилет. Бул билдирүүдө жалпы мүлктү бөлүштүрүү же эрди-катындын бирөөнү багууга каражаттарды өндүрүү, же болбосо балдар жөнүндө талаштар болсо, аларды тактоо үчүн убакыт белгиленет.

Талаштардын жоктугу жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин же болбосо билдирүүгө белгиленген мөөнөттүн ичинде жооп келбеген учурда граждандык абалдын актыларын жазуу органы никеден ажырашууну каттоону жүргүзөт.

Жооп алуу үчүн белгиленген мөөнөт үч айдан ашпоого тийиш.

### 232-статья. Күбөлүктөрдү берүү жана никеден ажырашкандык жөнүндө документтерге белги коюу

Никеден ажырашуу катталгандан кийин арыз берүүчүгө никеден ажыратылгандык жөнүндө күбөлүк берилет жана анын паспортуна же өзүн күбөлөндүрүүчү башка документине бул жөнүндө белги коюлат.

Эрди-катындын бирөөнүн арызы боюнча никеден ажырашуу катталган болсо, эрди-катындын экинчисинин адреси белгилүү болсо граждандык абалдын актыларын жазуу органы бул жөнүндө ага кабар берет, ошондой эле ал жашап турган жердеги граждандык абалдын актыларын жазуу органына да бул жөнүндө билдирет.

### 233-статья. Никеден ажырашууну каттоо кезинде эрди-катындын никелешкенге чейинки фамилиясын берүү

Никелешкенге чейинки фамилиясын алууну каалаган эри же аялы никеден ажырашууну каттоо учурунда бул жөнүндө граждандык абалдын актыларын жазуу органына билдириши керек. Эрине же аялына никелешкенге чейинки фамилиясы берилгендиги жөнүндө граждандык абалдын актыларын жазуу органдары тийиштүү жазуу жүргүзүшөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 21-ГЛАВА

## БАЛА АСЫРАП АЛУУНУ КАТТОО

**234-статья. Бала асырап алууну каттоонун тартиби**

Бала асырап алууну каттоо бала асырап алуучулардын же алардын биреөнүн арызы боюнча же опека жана попечителдик кылуу органдарынын билдирүүсү боюнча эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин бала асырап алуу жөнүндөгү чечиминин негизинде чечим чыгарылган жерде жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**235-статья. Асыранды баланын туулгандыгы жөнүндөгү жазууга өзгөртүүлөр киргизүү**

Граждандык абалдын актыларын жазуу органы бала асырап алуу жөнүндөгү жазуунун негизинде баланын туулгандыгы жөнүндө — жазууларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизет жана туулгандык жөнүндө жаңы күбөлүк берет.

**236-статья. Бала асырап алуу жөнүндөгү жазууларды жоюу**

Бала асырап алуу анык эмес деп табылган учурда граждандык абалдын актыларын жазуу органы бала асырап алуу жөнүндөгү жазууларды жоёт жана асыранды баланын туулгандыгы жөнүндөгү жазууларда бала асырап алынганга чейинки бардык алгачкы маалыматтарды калыбына келтирет.

Бала асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечиминин негизинде граждандык абалдын актыларын жазуу органы бала асырап алуу жөнүндөгү жазууларга асырап алуунун жокко чыгарылгандыгы жөнүндө белги коёт жана туулгандык жөнүндөгү жазууларда соттун чечимине ылайык алгачкы маалыматтарды калыбына келтирет.

## 22-ГЛАВА

## АТАЛЫКТЫ АНЫКТООНУ КАТТОО

**237-статья. Аталыкты аныктоону каттоо тартиби**

Аталыкты аныктоону каттоо бул жөнүндө ата-эненин биргелешкен арызынын же соттун чечиминин негизинде, ал эми энеси өлгөндө, энеси аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табылса, ал энелик укуктан ажыратылса, же анын жашаган жерин аныктоого мүмкүндүк болбосо, атасынын арызы боюнча граждандык абалдын актыларын жазуу органдары тарабынан жүргүзүлөт.

Жашы жеткен балдардын атасын аныктоону каттоо алардын макулдугу боюнча гана жүргүзүлөт.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**238-статья. Аталыкты аныктоону каттоочу орун**

Аталыкты аныктоону каттоо ата-эненин биреөнүн турган жеринде же аталыкты аныктоо жөнүндө соттун чечими чыккан жерде жүргүзүлөт.

**239-статья. Атасы жөнүндөгү маалыматтарды баланын туулгандыгы жөнүндөгү жазууларга жана күбөлүгүнө киргизүү**

Аталыкты аныктоо жөнүндөгү жазуулардын негизинде граждандык абалдын актыларын жазуу органы атасы жөнүндөгү маалыматтарды баланын туулгандыгынын жазууларына киргизет жана ага туулгандыгы жөнүндө жаңы күбөлүк берет.

## 23-ГЛАВА

## АТЫН, АТАСЫНЫН АТЫН ЖАНА ФАМИЛИЯСЫН ӨЗГӨРТҮҮНҮ КАТТОО

**240-статья. Атын, атасынын атын жана фамилиясын өзгөртүүнү каттоо**

СССРдин граждандары жашы жеткен кезде атын, атасынын атын жана фамилиясын өзгөртсө, аны каттоо алардын туруктуу жашап турган жериндеги эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин граждандык абалдын актыларын жазуу бөлүмүндө (бюросунда) жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1980-жыл 29-апрелдеги Указынын редакциясында).

**241-статья. Атын жана фамилиясын өзгөрткөн адамдардын балдарынын туулгандыгы жөнүндөгү акты жазууларына өзгөртүүлөрдү киргизүү**

Атасы өзүнүн атын өзгөртүп каттагында анын жашы жетпеген балдарынын атасынын аты да өзгөрөт. Анын жашы жеткен балдары граждандык абалдын актыларын жа-

зуу органына өздөрү арыз берген учурда гана алардын атасынын аты өзгөрүлөт.

Жашы жетпеген балдарынын фамилиясы ата-энесинин экөөнүн тең фамилиясы өзгөргөндө өзгөрүлөт. Эгерде ата-энесинин бирөө гана фамилиясын өзгөртсө, жашы жетпеген балдардын фамилиясын өзгөртүү жөнүндөгү маселе ата-энесинин өз ара келишүүсү менен чечилет, ал эми алар келише албаган бул маселе опека жана попечителдик кылуучу органдар тарабынан чечилет.

**242-статья. Атын, атасынын атын жана фамилиясын өзгөртүүгө байланыштуу граждандык абалдын актыларын каттоонун негизинде жаңы күбөлүктөрдү берүү**

Эгерде аты, атасынын аты жана фамилиясы өзгөртүлгөн жазуулардын негизинде граждандык абалдын актыларынын жазууларына (туулгандыкты, никени каттоого ж. б.) тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилсе, граждандык абалдын актыларын жазуу органдары мурда берилген күбөлүктөрдү жоёт да, жаңы күбөлүктөрдү берет.

## VI БӨЛҮМ

# НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ СОВЕТТИК ЗАКОНДОРДУ ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ГРАЖДАНДАРГА ЖАНА ГРАЖДАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРГА КОЛДОНУУ. ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ ЗАКОНДОРУН ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ДОГОВОРЛОРДУ КОЛДОНУУ

## 24-ГЛАВА

## НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ СОВЕТТИК ЗАКОНДОРДУ ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ГРАЖДАНДАРГА ЖАНА ГРАЖДАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРГА КОЛДОНУУ

**243-статья. Нике жана үй-бүлө мамилелеринде чет өлкөлүк граждандардын жана граждандыгы жок адамдардын укуктары жана милдеттери**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунун негиздерине ылайык Кыргыз ССРинде чет өлкөлүк граждандар нике жана үй-бүлө мамилелеринде советтик граждандар менен бирдей укуктардан пайдаланышат жана милдеттерди аткарышат. ССР Союзунун закондору менен кээ бир чектөөлөр белгиленишин мүмкүн.

Кыргыз ССРинде туруктуу жашашкан граждандыгы жок адамдар нике жана үй-бүлө мамилелеринде советтик граждандар менен бирдей укуктардан пайдаланышат жана милдеттерди аткарышат.

**244-статья. Кыргыз ССРинде советтик граждандардын чет өлкөлүк граждандар менен жана чет өлкөлүк граждандардын өз ара никелешүүлөрү**

Кыргыз ССРинде советтик граждандардын чет өлкөлүк граждандар менен никелешүүлөрү, ошондой эле чет өлкөлүк граждандардын өз ара никелешүүлөрү советтик закондор боюнча жүргүзүлөт.

СССРде чет мамлекеттердин посольстволорунда же консульстволорунда чет өлкөлүк граждандардын өз ара никелешүүлөрү, эгерде бул адамдар никелешкен кезде элчини же консулду дайындаган мамлекеттин граждандары болуп саналышса, Кыргыз ССРинде өз ара макулдашкан шартта анык деп табылат.

**245-статья. СССРдин консулдук мекемелеринде советтик граждандардын никелешүүлөрү**

СССРдин чегинен тышкары жерлерде жашаган советтик граждандардын өз ара никелешүүлөрү ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунун негиздерине ылайык СССРде консулдук мекемелеринде жүргүзүлөт.

**246-статья. СССРдин чегинен тышкаркы жерлердеги никелешүүлөрдү анык деп табуу**

Советтик граждандардын өз ара никелешүүлөрү жана советтик граждандардын чет өлкөлүк граждандар менен никелешүүлөрү никелешүү жүргүзүлгөн жердеги колдонулуучу закон боюнча никелешүүнүн формаларын сактоо менен СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жүргүзүлсө, аны туура деп табуу үчүн ушул Кодекстин 17—19, 54-статьяларынан келип чыгуучу тоскоолдуктар жок болсо, бул никелешүүлөр Кыргыз ССРинде анык деп табылат.

Тиийштүү мамлекеттердин закондору боюнча СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде түзүлгөн чет өлкөлүк граждандардын никелешүүлөрү Кыргыз ССРинде анык деп табылат.

**247-статья. Советтик граждандардын чет өлкөлүк граждандар менен никелешүүлөрүн жана чет өлкөлүк граждандардын өз ара никелешүүлөрүн Кыргыз ССРинде ажыраштыруу. СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде болгон ажырашууларды туура деп табуу**

Советтик граждандардын чет өлкөлүк граждандар менен никелешүүлөрүн, ошондой эле чет өлкөлүк граждандардын өз ара никелешүүлөрүн Кыргыз ССРинде ажыраштыруу советтик закондор боюнча жүргүзүлөт.

Советтик граждандар менен чет өлкөлүк граждандардын ортосунда тийиштүү мамлекеттердин закондору боюнча СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жүргүзүлгөн никеден ажыраштыруу, эгерде никеден ажыраштыруу учурунда эрди-катындын эч болбогондо бирөө СССРдин чегинен тышкаркы жерде жашап турган болсо, Кыргыз ССРинде анык деп табылат.

СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде советтик граждандардын ортосунда болгон никеден тийиштүү мамлекеттердин закондору боюнча ажыраштыруу, эгерде нике ажыратылган учурда эрди-катындын экөө тең СССРдин чегинен тышкаркы жерде жашаса, Кыргыз ССРинде анык деп табылат.

СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде чет өлкөлүк граждандардын ортосунда болгон никеден тийиштүү мамлекеттердин закондору боюнча ажыраштыруу Кыргыз ССРинде анык деп табылат.

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунун негиздерине ылайык СССРдин чегинен тышкаркы жерде жашап турган советтик гражданин СССРдин чегинен тышкаркы жашаган эринин, же аялынын граждандыгына карабастан советтик сотто никеден ажырашууга укуктуу. Граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында никеден ажыраштырууга советтик закондор боюнча жол берилген учурларда нике СССРдин консулдук мекемелеринде ажыраштырылышы мүмкүн.

Чет өлкөлөрдө туруктуу жашап турушкан советтик граждандардын ортосунда болгон никеден ажыраштыруу жөнүндөгү иштер СССРдин Жогорку Сотунун тапшыруусу боюнча Кыргыз ССРинин сотторунда каралышы мүмкүн.



**248-статья. Кыргыз ССРинде аталыкты белгилөө. СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде белгиленген аталыкты туура деп табуу**

Кыргыз ССРинде аталыкты белгилөө ата-эненин жана баланын граждандыгына жана алардын жашаган жерине карабастан советтик закондор боюнча жүргүзүлөт.

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунун негиздерине ылайык граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында аталыкты белгилөөгө советтик закондор боюнча жол берилген учурларда баланын СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жашап турушкан жана эч болбогондо алардын бирөө СССРдин гражданини болуп эсептелген ата-энеси аталыкты белгилөө жөнүндө арыз менен СССРдин консулдук мекемелерине кайрылууга укуктуу.

**249-статья. Советтик граждандар болуп саналышкан жана СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жашап турушкан балдарды асырап алуу. Чет өлкөлүк граждандардын Кыргыз ССРинде балдарды асырап алуусу жана чет өлкөлүк граждандар болуп саналышкан балдарды асырап алуу**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунун негиздерине ылайык советтик гражданин болуп саналган жана СССРдин чегинен тышкаркы жерде жашап турган баланы асырап алуу СССРдин консулдук мекемесинде жүргүзүлөт.

Эгерде асырап алуучу адам советтик гражданин болбосо, Кыргыз ССРинин гражданини болуп саналган баланы асырап алуу үчүн Кыргыз ССРинин Агартуу министерствосунан уруксат алуу зарыл.

Кыргыз ССРинин гражданини болуп саналган бала СССРдин территориясынан тышкары өлкөдө жашап турганда аны асырап алууга Кыргыз ССРинин Агартуу министерствосунун алдын ала уруксаты болсо, ал өлкөнүн органдарында каттоо менен асырап алуу да анык деп табылат.

Советтик граждандар болуп саналган балдарды Кыргыз ССРинде чет өлкөлүк граждандардын асырап алуусу, ошондой эле чет өлкөлүк граждандар болуп саналышкан

жана Кыргыз ССРинде жашап турушкан балдарды асырап алуу советтик закондор боюнча жүргүзүлөт.

Советтик граждандар болуп саналышкан балдарды Кыргыз ССРинин территориясында чет өлкөлүк граждандардын асырап алуусу ушул Кодекстин 14-главасында белгиленген жалпы негиздерде жүргүзүлөт. Мында ар бир айрым учурда Кыргыз ССР Министрлер Советинен ошол асырап алууга уруксат алынышы керек.

**250-статья. СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жашап турушкан советтик граждандарга жана Кыргыз ССРинде чет өлкөлүк граждандарга опека (попечителдик) белгилөө. СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде белгиленген опеканы (попечителдикти) туура деп табуу**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунун негиздерине ылайык СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жашап турушкан жашы жетпегендерге, аракет жөндөмдүүлүгү жок же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген советтик граждандарга, ошондой эле Кыргыз ССРинде жашап турушкан чет өлкөлүк граждандарга опека (попечителдик) советтик закондор боюнча белгиленет.

СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жашаган советтик граждандарга тийиштүү мамлекеттердин закондору боюнча белгиленген опека (попечителдик), эгерде опека (попечителдик) белгилөөгө же аны туура деп табууга СССРдин консулдук мекемеси тарабынан каршылык жок болсо, Кыргыз ССРинде анык деп табылат.

СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде чет өлкөлүк граждандарга тийиштүү мекемелердин закондору боюнча белгиленген опека (попечителдик) Кыргыз ССРинде анык деп табылат.

**251-статья. СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жашап турушкан советтик граждандардын абалынын актыларын каттоо**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунун негиздерине ылайык СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жашап турушкан советтик граждандардын граждандык абалынын актыларын каттоо СССРдин консулдук мекемелеринде жүргүзүлөт.

СССРдин консулдук мекемелеринде граждандык абалдын актыларын каттоо кезинде, эгерде бул адамдар Кыргыз ССРинин граждандары болуп эсептелишсе, ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору колдонулат. Эгерде бул адамдар ар кайсы союздук республикалардын граждандары болуп эсептелсе же алардын кайсы республиканын граждандары экендиги аныкталбаса, анда алардын макулдашуусу боюнча, ал эми пикир келишпөөчүлүктөр пайда болгон учурда граждандык абалдын актысын каттоочу консулдун чечими боюнча союздук республикалардын биринин закондору колдонулат.



**252-статья. Граждандык абалдын актыларын күбөлөндүрүү үчүн чет мамлекеттердин органдары берген документтерди туура деп табуу**

СССРдин граждандарына, чет өлкөлүк граждандарга жана граждандыгы жок адамдарга карата тийиштүү мекемелердин закондору боюнча СССРдин чегинен тышкаркы жерлерде жүргүзүлгөн граждандык абалдын актыларын күбөлөндүрүү үчүн чет мамлекеттердин компетенттүү органдары тарабынан берилген документтер консулдук легализациясы болгондо Кыргыз ССРинде анык деп табылат.

25-ГЛАВА

## ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨГҮ ЗАКОНДОРУН ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ДОГОВОРЛОРДУ КОЛДОНУУ

**253-статья. Чет өлкөлөрдүн нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорун колдонуу**

Чет өлкөлөрдүн нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорун колдонуу же ошол закондорго негизделген граждандык абалдын актыларын туура деп табуу советтик түзүлүштүн негиздерине карама-каршы келсе, аларды колдонууга же туура деп табууга жол берилбейт.

**254-статья. Эл аралык договорлорду колдонуу**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунун негиздерине ылайык эгерде СССРдин эл аралык договорунда нике жана

үй-бүлө жөнүндөгү советтик закондордо көрсөтүлгөн эрежелерден башка эрежелер белгиленген болсо, анда эл аралык договордун эрежелери колдонулат.

Эгерде Кыргыз ССРинин эл аралык договорунда Кыргыз ССРинин нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондорунда көрсөтүлгөндөн бөлөк эрежелер белгиленген болсо, Кыргыз ССРинин нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закондору тууралуу ушундай эле тартип колдонулат.

## МАЗМУНУ


Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексин бекитүү тууралу Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын закону . . . . . . . . . . . . 5
Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодекси . . 7

I БӨЛҮМ

Жалпы жоболор

1-глава

Негизи жоболор

1-статья. Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодексинин милдеттери . . . . . . 8
2-статья. Кыргыз ССРинин Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодекси тарабынан жөнгө салынуучу мамилелер. 8
3-статья. Үй-бүлөлүк мамилелерде аялдын жана эркектин тең укуктуулугу . . . . . . . . . 9
4-статья. Граждандардын үй-бүлөлүк мамилелерде тең укуктуулугу . . . . . . . . . 9
5-статья. Мамлекет тарабынан үй-бүлөнү коргоо. Энеликти коргоо жана кубаттоо . . . . . . . 9
6-статья. Нике жана үй-бүлө мамилелеринин укук жагынан мамлекет тарабынан жөнгө салынышы . . 10

2-глава

Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закон

7-статья. Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү закон . . . . 10
8-статья. Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү законду Кыргыз ССРинде колдонуу . . . . . . . . 11

3-глава

Доонун эскиришин жана мөөнөттөрдү эсептөө

9-статья. Доонун эскириши . . . . . . . . . 11
10-статья. Доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүшүнүн башталышы . . . . . . . . . . . . . 11
11-статья. Доонун эскиришин колдонуунун тартиби . . 12
12-статья. Мөөнөттөрдү эсептөө . . . . . . . . 12

II БӨЛҮМ

НИКЕ

4-глава

Никелешүүнүн тартиби жана шарттары

13-статья. Никелешүү . . . . . . . . . . . 12
14-статья. Никелешүүнү каттоонун укуктук мааниси . . 12

15-статья. Никелешүүнүн тартиби . . . . . . . . 12
16-статья. Никелешүүнүн салтанаттуулугу . . . . . 13
17-статья. Никелешүүнүн шарттары . . . . . . . 13
18-статья. Нике жашы . . . . . . . . . . . 13
19-статья. Никелешүүгө жол бербоочу тоскоолдуктар . . 13

5-глава

Эрди-катындын укуктары жана милдеттери

20-статья. Эрди-катындын укуктарынын жана өз ара милдеттеринин башталыш мезгили . . . . . 13
21-статья. Никелешкен кезде эрди-катындын фамилияны тандап алуу укугу . . . . . . . . . 14
22-статья. Эрди-катындын өздүк укуктары жана милдеттери . . . . . . . . . . . . 14
23-статья. Эрди-катындын ортосундагы жалпы менчик . 14
24-статья. Эрди-катындын ортодогу жалпы мүлкту башкаруусу . . . . . . . . . . . . 14
25-статья. Эрди-катындын мүлкүн бөлүштүргөндө алардын жалпы менчигинен ар биринин үлүшүн аныктоо . . . . . . . . . . . . 15
26-статья. Эрди-катындын ортодогу жалпы мүлкүн бөлүштүрүү . . . . . . . . . . . . 15
27-статья. Эрди-катындын кредиттик мекемелердеги акчалай салымдарын бөлүштүрүү . . . . . . 15
28-статья. Эрди-катындын ар биринин өздүк менчиги . . 16
29-статья. Эрди-катындын ортосундагы мүлктүк бүтүмдөр 16
30-статья. Колхоздук түтүндүн мүчөлөрү болгон эрди катындын мүлккө укуктары . . . . . . 16
31-статья. Эрди-катындын мүлкүнөн өндүрүү . . . . 16
32-статья. Эрди-катындын бирин-бири багуу боюнча милдеттери . . . . . . . . . . . . 17
33-статья. Эрди-катындын никеден ажырашкандан кийин бирин-бири багуу укугунун сакталышы . . . 17
34-статья. Эрди-катындын бирин багуу үчүн экинчисинен алынуучу алименттердин өлчөмүн белгилөө . . 18
35-статья. Эрди-катындын бирин экинчиси багуу милдетинен бошотуу же бул милдетти мөөнөт менен чектөө . . . . . . . . . . . . . 18
36-статья. Эринин же аялынын багылуу укугунан айрылышы . . . . . . . . . . . . . 18
37-статья. Эрди-катындын бирин, экинчиси багуу боюнча милдеттерди өзгөртүү же андан бошотуу тартиби . . . . . . . . . . . . . 18

6-глава

Никенин жоюлушу

38-статья. Эринин же аялынын өлгөндүгүнүн натыйжасында никенин жоюлушу . . . . . . 19
39-статья. Эрди катынды тирүү кезинде никеден ажыраштыруу . . . . . . . . . . . . 19
40-статья. Никеден ажыраштыруунун тартиби . . . . 19
41-статья. Сот тарабынан никеден ажыраштыруу . . . 19
42-статья. Сот тарабынан никеден ажыраштыруу үчүн негиздер . . . . . . . . . . . . 19
43-статья. Никеден ажыраштырган кезде балдардын жана эмгекке жарамсыз эринин же аялынын кызыкчылыктарын коргоо . . . . . . . . 20
44-статья. Никеден ажыраштырган кезде балдар жөнүндөгү талашты чечүү . . . . . . . . 20
45-статья. Эрин же аялын багуу үчүн каражат өндүрүү . 20
46-статья. Эрди-катындын ортосундагы жалпы менчикти бөлүштүрүү . . . . . . . . . . 20
47-статья. Сот тарабынан никеден ажыраштырылгандыгы жөнүндө күбөлүк берилгенде алынуучу мамлекеттик пошлина . . . . . . . . . 20
48-статья. Эрди-катындын өз ара макулдугу боюнча граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында никеден ажыраштыруу . . . . . . 21
49-статья. Эрди-катындын биринин арызы боюнча граждандык абалдын актыларын жазуу органдарында никеден ажыраштыруу . . . . . . 21
50-статья. Ажырашуу менен никенин жоюлуш мезгили . 22
51-статья. Никеден ажыраштырылган кезде эринин же аялынын фамилиясын калтыруу же өзгөртүү . 22
52-статья. Өлгөн деп жарыяланган эрди-катындын бири кайтып келген учурда никенин калыбына келтирүү . . . . . . . . . . . . 22
53-статья. Дайынсыз жоголду деп таанылган эрди-катындын бири кайтып келген учурда никени кайра калыбына келтирүү . . . . . . . . 22

7-глава

Никенин анык эместиги

54-статья. Никени анык эмес деп таанууга негиздер . . 23
55-статья. Никени анык эмес деп таануунун тартиби . . 23
56-статья. Эрди-катындын бири нике жашына жетпеген учурда никени анык эмес деп таануу . . . 23
57-статья. Никелешүүгө тоскоолдуктар болгон кезде түзүлгөн никени анык эмес деп таануу . . . 24
58-статья. Мажбурлоо менен түзүлгөн никени анык эмес деп таануу . . . . . . . . . . 24
59-статья. Жалган никени анык эмес деп таануу . . . 24
60-статья. Нике анык эмес деп эсептеле башталыш мезгили 25
61-статья. Никенин анык эмес деп таанылышынын натыйжалары . . . . . . . . . . . 25

III БӨЛҮМ

ҮЙ-БҮЛӨ

8-глава

Ата-эне жана балдар

62-статья. Ата-эненин жана балдардын укуктарынын жана милдеттеринин келип чыгыш негиздери . . 25
63-статья. Өз ара никеде турган ата-энеден балдардын төрөлгөндүгүн аныктоо . . . . . . . . 26
64-статья. Ата-эненин биргелешип берген арызы боюнча балдардын ата-энесин аныктоо . . . . . 26
65-статья. Баланын атасы ким экендигин сот аркылуу аныктоо . . . . . . . . . . . 26
66-статья. Никеде турбаган ата-энеден төрөлгөн балдардын укуктары жана милдеттери . . . . . 26
67-статья. Баланын өз ара никеде турган ата-энесин жазуу 26

68-статья. Аталык (энелик) жөнүндөгү жазуу тууралу талаш-тартыштар . . . 27
69-статья. Баланын өз ара никеде турбаган ата-энесин жазуу . . . 27
70-статья. Баланын атасы ким экендиги аныкталбаган учурларда баланын атасы ким экендиги жөнүндө жазуу . . . 27
71-статья. Баланын аты жана атасынын аты . . . 27
72-статья. Балдардын фамилиялары . . . 28
73-статья. Балдардын фамилияларын өзгөртүү . . . 28

## 9-глава

### Ата-эненин жана балдардын өздүк укуктары жана милдеттери

74-статья. Ата-эненин укуктарынын жана милдеттеринин теңдиги . . . 28
75-статья. Балдарды тарбиялоо жана алардын укуктары менен таламдарын коргоо боюнча ата-эненин милдеттери . . . 28
76-статья. Балдарын кайтарып берүүнү талап кылууга ата-эненин укугу . . . 29
77-статья. Ата-эне эки бөлөк жашаган кезде балдардын жашоо орду . . . 29
78-статья. Бөлөк жашаган атасынын же энесинин балдарды тарбиялоого катышуусу . . . 29
79-статья. Бөлөк жашаган ата-эненин ортосундагы балдарды тарбиялоо боюнча талаш-тартыштарды чечүүнүн тартиби . . . 29
80-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратуу . . . 30
81-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратуу үчүн негиздер . . . 30
82-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндөгү иштерди козгоонун тартиби . . . 30
83-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратылыштын натыйжалары . . . 30
84-статья. Ата-энелик укуктарынан ажыратылган атасын же энесин башка жакка көчүрүп жиберүү . . . 30
85-статья. Ата-энелик укуктардан ажыратылган адамдардын балдарын орноштуруу . . . 31
86-статья. Ата-энелик укуктарынан ажыратпай туруп баланы алып коюу . . . 31
87-статья. Баланы убактылуу алып коюу . . . 31
88-статья. Ата-энелик укуктарынан ажыратылган ата-энелерди балдары менен жолуктуруу . . . 31
89-статья. Ата-энелик укуктарды калыбына келтирүү . . . 32
90-статья. Ата-энелик укуктарын калыбына келтирүүнүн тартиби . . . 32
91-статья. Балдарды тарбиялоого байланыштуу талаштарды чечүүдө опека жана попечителдик кылуучу органдардын катышуусу . . . 32
92-статья. Балдарды өткөрүп берүү же алып коюу жөнүндөгү соттун чечимдерин аткаруу . . . 32

## 10-глава

### Ата-эненин алименттик милдеттери

93-статья. Балдарын багуу боюнча ата-эненин милдеттери . . . 33
94-статья. Жашы жетпеген балдарын багууга ата-энесинен өндүрүлүп алынуучу алименттердин өлчөмү . . . 33
95-статья. Өндүрүлүүчү алименттердин өлчөмүн азайтуу . . . 33



96-статья. Балдар мекемелерине жайгаштырылган балдарга алименттерди өндүрүү . . . 33
97-статья. Жашы жетпеген балдарга алименттерди акчалай так белгиленген суммада өндүрүү . . . 34
98-статья. Ата-энесинин ар биринин колундагы балдарга алименттерди өндүрүү . . . 34
99-статья. Көмөк чарбасынан доходу бар адамдардан алименттерди өндүрүү . . . 34
100-статья. Балдарды багуу боюнча кошумча расходдорго ата-эненин катышуусу . . . 35
101-статья. Жашы жеткен эмгекке жарамсыз балдарына алименттерди өндүрүү . . . 35
102-статья. Иш сотто каралганга чейин алименттерди убактылуу өндүрүү . . . 35
103-статья. Алименттерди кармаган кезде алынууга тийиш болгон эмгек акынын (доходдун) түрлөрү . . . 35

## 11-глава

### Балдардын алименттик милдеттери

104-статья. Ата-энесине карата балдарынын милдеттери . . . 36
105-статья. Ата-энесин багуу милдетинен балдарын бошотуу . . . 36
106-статья. Мамлекеттик мекемелерде турган ата-энесине алименттерди өндүрүү . . . 36
107-статья. Ата-энесине өндүрүлүп берилүүчү алименттердин өлчөмү . . . 36
108-статья. Ата-энесине алименттерди убактылуу өндүрүү . . . 37

## 12-глава

### Үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн алименттик милдеттери

109-статья. Үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн алименттик милдеттери . . . 37
110-статья. Өгөй уулдарын жана өгөй кыздарын багуу боюнча өгөй атасынын жана өгөй энесинин милдеттери . . . 37
111-статья. Өгөй атасын жана өгөй энесин багуу боюнча өгөй уулдарынын жана өгөй кыздарынын милдеттери . . . 37
112-статья. Ага-инилердин, эже-сиңдилердин, карындаштардын өздөрүнүн жашы жетпеген же эмгекке жарамсыз жашы жеткен ага-инилерин, эже-сиңдилерин, карындаштарын багуу боюнча милдеттери . . . 38
113-статья. Неберелерин багуу боюнча чоң атасынын жана чоң энесинин милдеттери . . . 38
114-статья. Чоң атасын жана чоң энесин багууга неберелеринин милдеттери . . . 38
115-статья. Асыранды балдарга карата асыроочунун милдети . . . 38
116-статья. Асыранды балдардын асырап алган адамдарды багуу боюнча милдеттери . . . 39
117-статья. Багуу боюнча бирдей милдеттүү адамдардын ортосунда алименттик өлчөмүн жана милдеттерди бөлүштүрүү . . . 39

13-глава

Алименттерди төлөөнүн же өндүрүүнүн тартиби

118-статья. Алименттерди ыктыярдуу төлөөнүн тартиби . 39
119-статья. Алименттерди төлөөчүнүн кат жүзүндөгү арызы боюнча эмгек акысынан алименттерди кармоо . . . . . . . . . . . 40
120-статья. Төлөөчүнүн арызы боюнча алименттерди кармабоо учурлары . . . . . . . . 40
